АБДРАХМАНОВ АБДИМАМАТ

# ӨЗГӨРГӨН ӨРӨӨН – ТӨӨ-МОЮН

Ош – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 14

А14 Абдрахманов Абдимамат
Өзгөргөн өрөөн – Төө-Моюн; Ош, 72 б.

ISBN 978-9967-28-442-5

*Бул чакан чыгарма китеп сүйүүчүлөрдүн өз тарых-таржымалын билүүгө жана мекенчил сезимди калыптандыруу максатын көздөйт.*

А4702300100-17 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
ISBN 978-9967-28-442-5
© Абдрахманов А. , 2017

*Чыгарма ата-энем Атамкулов Абдрахман,*
*Атамкулова Айшанын жаркын элестерине арналат.*

# СӨЗ БАШЫ

Бул чакан чыгарма Төө-Моюн өрөөнү жана аны мекендеген элдин тарыхы жөнүндөгү алгачкы изилдөө болуп саналат. Анда өрөөндү алгачкылардан болуп мекендеген кыргыз элинин ичкилик уруусунун Наймандары жөнүндө баяндоого далалат жасалган. Ошондой эле «кыргыз», «ичкилик», «найман» этнонимдери жөнүндө бүгүнкү тарыхчылардын ой пикирлери жана өткөн кылымдардагы тарыхчы окумуштуулардын изилдөөлөрүн кеңири чагылдырып, автор өз пикирин да билдирген.

Төө-Моюн өрөөнүндөгү өскөн эл, өзгөргөн өрөөн-бул Совет дооруна туш келип, анда Коммунистик партия өрөөндү Кыргызстандын «Мырза чөлү» атап, уран таштап Ош облусунун эмгекчилерин өрөөндү өздөштүрүүгө үндөп, эбегейсиз чоң күч жумшалып, өрөөн көрктүү, өзгөрүлгөн өрөөнгө айландырылганы жөнүндө баяндалат. Мында материалдык байлыкты жараткан малчы, дыйкан, демилгелүү жетекчилер жөнүндө, өзгөчө, жөнөкөй дарыгер жөнүндө баяндоого аракет жасалды. Негизги ой-максат өсүп келе жаткан муун өз тарыхын, ата-тегин терең билсе, ал мекенчил муун болот деген үмүт. Албетте, найман уруусунун өткөндөгү тарыхын кандай да болбосун мартабалуу кылып көрсөтүү бул эмгектин максаты эмес. Арийне, окумуштуулар тынымсыз изилдөөлөрдү жүргүзүп дүйнө жүзүндөгү бардык адамдардын бир адамдан тарагандыгын далилдеп чыгышпадыбы!

Бул чыгарма Сиздердин жүрөгүңүздөрдөн түнөк таап, салмактуу кеп, кеңештериңиздерди, сын-пикириңиздерди, ой-жоромолуңуздарды кошумчалайт деген үмүтүмдү кошумчалап кетмекмин.

***Автор.***

# ТӨӨ-МОЮН ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ИЧКИЛИК КЫРГЫЗДАР

Кыргыз эли башкаларга колунан келген жардамын көрсөтүүгө дайыма белен. Бул, анын табиятындагы адилеттик менен калыстык сезими, биз аны азыр толерантуулук деп айтабыз. Балдарын адептүү, адилет, калыс болсун-деп, Жараткандан тилеп, балдардын аттарын Адилет, Калыс деп коюшат.

Жеке-Мисте айлында жалгыз түп мисте дарагы, тээ 1950-жылдары адамдарга адилет мамиле жасагансып көлөкөсүнөн жолоочуларды эс алдырып, бышкан мөмөсүнөн тартуулап, жолоочу эс алып, кубаттанып, ошол жалгыз түп мистенин мемиреген ысык аптаптуу талаадагы көлөкөсү жолоочуга жагып, андан ыраазы болуп, жолун андан ары улаган. Анан теребелге көз чаптырса, Төө-Моюн өрөөнүнүн боз адырлары, түз оң жерлери, анын түштүк жагындагы Ала-Тоолор көзгө жагымдуу көрүнүп, адамдын ички дүйнөсүнүн ажырагыс бир бөлүгүндөй туюлат… Баса, ал жерди мекендеген баякы толеранттуу кыргызым үйүндө бар даамы менен жолоочуну-кудайы конокту тосуп алган, ошол эл, жер-Ата Мекен экен. Көрсө, орус элинин революционер, демократ ойчулу В.Г. Белинский алгачкылардан болуп аныктаганындай Ата Мекен – бул сени курчап турган жаратылыш жана анда жашаган адамдар-деген аныктамасы, чынында, Ата Мекен түшүнүгүнүн классикалык аныктамасы экен. Бул менин Төө-Моюн жергемдин аныктамасы, ал менин жана менин мекендештеримдин Ата Мекени, ал кандай кымбат жана сүйкүмдүү, бекеринен туулган жердин топурагы алтын деп айтылбайт экен. Менин-бул кыргыз деген уюткулуу улутум, тууган–туушкандарым, жоро-жолдошторум, сени курчаган жаратылыш: Төө-Моюндун мелмилдеген түзөн жерлери, тээтиги түштүк тараптагы Ала-Тоолор, Төө-Моюн тоосу, дене бойду балкыткан таза абасы, мал

киндиктүү жери- Төө-Моюн өрөөнү. 1969-жылы мен Орусиянын Москва шаарындагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университетине бир айлык даярдоо курсунда окуп калдым. Жатаканадагы терезеден эртең менен теребелди карап бир нерсени эле таппай коюп кусалыгым күчөй берди… Көрсө, мен Төө-Моюнумдун боксо адырларын, анын түштүк жагындагы Ала-Тоолорду көрө албай, алар табылбай жатыптыр…. Ата Мекен кусалыгы абдан күчтүү жана түйшүктүү сезим экенине ынандым, мындай сезимге алыска чыккан ар бир мекендеш кабылса керек. Баса, баягында Кызыл-Кыя шаарына бара жатып Төө-Моюн тоосунун жанында коңшумдун баласынын машинасы туруптур. Мен токтоп сурап калдым «Эмне, машинан бузулуп калдыбы, кандай жардам керек?». Ал анда «Жок, мен жакында Уренгойго кетемин, эс алуум аяктап калды, ал жакта ушул Төө-Моюндун тоосун сагына беремин, ошондуктан видеокамерага аны тартып жатамын»-деди. Ошондо мен анын колундагы камераны байкадым. Ата Мекенге болгон сезим руханий дүйнөндүн ажырагыс бөлүгү.

«Элин сагынбас эр болбойт.
Үйрүн сагынбас ат болбойт». (макал).

Көзгө тартылып калган тоолордун элеси ички дүйнөндө, ал жакын, ички дүйнөңдүн ажырагыс бөлүгү…. Кыргыз адабиятынын классиги Алыкул Осмоновдун «Кыргыз тоолору» ырынын саптары аргасыздан эске түшөт.

Кыргыз тоосу, элдин сүйгөн тоолору,
Мындай сонун, асыл тоолор болобу
Асман тиреп, жеңе билет ар качан,
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду.

Эзелтен суусуз какыраган, камыш, тикенек менен уйгактар өскөн, адамдын колу тийбеген эңгиреп ээн жаткан өрөөн Төө-Моюн болчу. Анын аянты 550 километрди ээлейт. Кыргызстандын «Мырза чөлү» деп аталган бул жерди өздөштүрүүгө адамдар 1963-жылдан

баштап чабуул коё башташты. Анын 11 миң гектардан ашык пайдалуу жер аянты бар.

Ушул мелмилдеген мейкин жердин ортосунда мойнун созуп чөккөн төө сымал орноп калган төөнүн көрүнүшүнөн улам өрөөн Төө-Моюн деп аталып калган. Өрөөн өтө келки болуп жайылып жатат. Түштүгүндө Жылгын-Сай, Улуу Тоо тоосу, Кызыл-Кыя шаарына караштуу Караван айылы, Ноокат районунун Төөлөс айыл аймагы жана Кызыл-Кыя шаары, Чыгышынан Өзбекстандын Мархамат району, Араван адырлары, Түндүк жагында Арсиб адырлары, ал эми батыш тарабынан Ат-Тынбас деген бөксө боз адырлар Фергана облусунун Кувасай шаары, Пахтаучүн айылдары тороп алган эзелки чөл-биябан ушул Төө-Моюн. Жайы ысык (июлдагы орточо температурасы +26,8 градус), керимселдүү, кышында жаан-чачыны аз (жылдын өлчөмү 200-300 мм), бирок шамалдуурак, суук келет. Жаратылышы ар түрдүү мүнөзгө ээ. Рельефи түз Фергана облусунун Кувасай шаары, Кува району тараптарга эңкейиш. Антропоген мезгилинин аллиювий-иролювий тектеринен (чопо, кумак шагылдуу) түзүлгөн. Деңиз деңгээлинен 600-1600 метр бийик. Өсүмдүктөр дүйнөсү бир топ жарды, жамгыр аз жаагандыктан шалбалык чөптөр өспөйт. Камгак, эбелек, коён томук, боз шыбак, жалпыз, бүргөн, уйгак, тикен ж.б. өсөт[1].

Төө-Моюндун батыш тарабында кыргыздын найман уруусу жашаган эзелки Керкидан айылы элдүү пункту болгон. Керкидан Төө-Моюн өрөөнүндөгү байыркы элдүү пункт экени талашсыз. Керкидан суу сактагычынын курулушуна байланыштуу окумуштуу-тарыхчы Д.Ф.Винник, Санкт-Петербург шаарындагы Эрмитаждын илимий кызматкерлери Н.Г.Горбунова жетектеген

---

[1] (Ошская область. Энциклопедия. Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии. Фрунзе, 1987, 401-бет.)

археологиялык топ казуу иштерин жүргүзүшүп, Керкидан биздин эрага чейин эле болгондугун тарыхый булактар менен далилдешкен. Азыркы Керкидан орто мектебинин мугалими Жолдошев Аширалинин тарых изилдөөлөрүндө кыргыз ханы Аслан хуннулар менен катуу согушуп, анын балдары согушта курман болушкан, ошентсе да, кыргыз ханы Аслан душманга багынбайт. Аслан хандын ордосунан хуннулар ала кийизге оролгон 4-5 жашар эркек баланы таап алышат. Хуннулар ал баланы туткунга түшкөн кыргыз жоокерлерине алып келип кайрылышат: «Ушул бала силердин ханыңардын баласы, эгерде силер бизге каршы согушпай тынч жашасаңар ушул бала силердин ханыңар болот; антпесеңер бул баланы өлтүрүп, өзүңөрдү кулчулукка сатып жиберебиз». Туткунга түшкөн жоокерлердин аргасы жок макул дешет. Бул окуя азыркы Ысык-Көлдүн жээгинде орун алган Чигу шаарында, анын так ортосунда кыргыз ханы Асландын орун алган хан ордосунда болгон экен, ал мезгил биздин эрага чейин 177-жыл болгон.

Ошентип хуннулар падышачылгы туткундалган кыргыз жоокерлерин ала кийизге оролгон баланы ал жерден көчүрүп, хуннулардын ордосу жайгашкан Эрши шаарына (азыркы Өзбекстандын Анжиян облусуна караштуу Мархамат шаары) алып келишет.

Ала кийизге оролгон баланын аты Кубан болот. Ал эр жетип, тайманбас эр жүрөк жоокер болуп жетилет. Хуннулар падышасы өзүнүн кызына Кубанды үйлөндүрүп чоң той берет.

Андан кийин хуннулар падышачылыгы Ысык-Көлдөгу Чигу шаарына барып, төөсү бар он үйлүү жергиликтүү калкты азыркы Керкидан жергесине көчүрмө кылат жана он боз үйдү тиктирет да хуннулар падышачылыгы Кубанды Керкиданга алып келип: «Кубан мына ушу жер сенин жериң, ушул дарыя (Исфайрам дарыясы азыркы Керкидан суу сактагычы турган ойдуңга чейин агып келчү) сенин дарыяң, бул эл

сенин элиң деп, Кубанды ошол элге бий көтөрүшөт. Мына ошондон Кубан бийдин атынан Кува шаары (Өзбекстан), Кувасай (Өзбекстан) шаары аталып калган – дейт мугалим Жолдошов А.

Бул жерде хуннулар жөнүндө тактап айтып кетсек окуучулар үчүн айкын болот.

Түрктөрдүн тарыхый бабалары – хуннулар. Тили тектеш калктарыбыздын тарыхы белгилүү болгон орток бабалары хуннулар эле. Европалыктар алардын б.з. 4-5 кк. Европага келген бөлүгүн гундар деп аташкан. Жалпы түрк элдеринин алгачкы тарыхый мамлекеттүүлүгүн хуннулар негиздеген.

«Хуннуларды азыркы айрым бир гана түрк элдеринин ата–теги деп көрсөтүүгө болбойт. Хунну маданияты, салт санаасы, саясий тажырыйбасы дээрлик бардык түрк урууларына таасирин тийгизген».

Хуннулар Борбордук Азияда көчмөндөр цивилизациясын негиздеген. (бз.ч. IV-V к.к.) байыркы Кытайдын Хуанхе дарыясынын боюнда жайгашкан мамлекеттердин түндүк батыш коңшулары болгон. Ал эми хуннулардын түндүк батышында эң байыркы кыргыздардын жана тектеш түрк урууларынын ата-теги жайгашкан.

Жогоруда Төө-Моюн өрөөнүндө байыртан жашаган Керкидан айылындагы кыргыздын найман уруусунун бир бөлүгү илгертеден Төө-Моюн өрөөнүн мекендешкен. Наймандар азыркы Найман айылында, ошондой эле Жеке-Мисте айылында жашап келишкен. Алар Өзбекстанга караштуу ЮФК (южно – ферганский канал) каналынын жанында жайгашып, кийинчерээк азыркы Жеке-Мисте, Найман айылдарын түптөшүп, көчүп чыгышкан. Төө-Моюн өрөөнүндө «Төө-Моюн» совхозунун малканасы болгон, эл ичинде «Кош дөбөө» же «Бөлтүрүк таш» аталуучу Төө-Моюн ташынын түндүк жагында жайгашкан жерде (азыркы аты «Ак-Буура конушу») Найман уруусу жашап, алар суу тартыштыгынан азыркы эле Сары-Таш участкасына, кийин-

черээк Авиз айылына көчүшүп, ал айылдарды түптөшүп, Авизге көчүп барышкан. Кыргыздын найман уруусу, башка уруулар сыяктуу эле бир топ майда уруулардан турат. Азыркы Найман айылында жашашкан жергиликтүү наймандардын «беш найман» деген бөлүкчөсү бар. Эл ичинде аларды «беш найман» деген себеби жөнүндө төмөнкүдөй аңыз сөз бар. Төө-Моюндук найман уруусунун бийи Мамаке - бий Төө-Моюнга Ноокаттагы Чили-Сайдан суу алып келиш үчүн арык канал каздырмак болот. Ошондо Мамаке – бийге беш орокчу бой жигиттер келип, «Бий ава биз дагы арык казышалы, бизге Төө-Моюндан жер берсеңиз» - деп суранышат. Мамаке-бий макул болуп «силерге ылдый жактан жер беремин, силер эми беш найман болдуңар дейт экен». Ошентип беш орокчу жигиттер Төө-Моюндан жер алып, аларга азыркы Найман айылынын ылдый жагынан, б.а. айылдын түндүк тарабынан жер бөлүнүп, эл болуп жашап калышкан деген эл оозунда айтылып жүргөн кеп бар. Кыргыздын найман уруусу жана Төө-Моюндук наймандар жөнүндө кеп кылып, кыргыздын найман уруусунун тарыхы жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт.

«XI-XV кылымдардын аралгында тарыхта маанилүү ролду ойношкон байыркы түрк тилдүү уруулардын бири наймандар»–деп баса белгилеген казах элинин окумуштуу чыгаан инсаны Валиханов Ч.Ч.[1]

Кыргыздын Найман уруусу ичкилик тобуна кирген байыркы уруулардын бири болуп саналат.

Наймандардын өз алдынча мамлекети болуп, мамлекеттин башында хан турган. Алгач Найман мамлекетинин башында Наркыш-Таян жана Эни Аткаан турган. Мамлекеттин өз алдынча жазуусу болуп, ал уйгур алфавитинин негизинде жүргүзүлгөн. Ошол жазууну кийинчерээк Чынгыз-хан монголдорго киргизген.

[1] (Валиханов Ч.Ч. Избранные произведения. Алма-Ата, 1958, 103-бет.)

Наймандардын мамлекетинин ээликтери жана алардын жайгашкандыгы жөнүндө Н.А.Аристов «Наймандар алгач Катун дарыясынын куймасы Найма суусунун боюнда жашашып, кийин түз эле түштүккө өтүшүп, батыш Монголияда туруп калышат, алар Монголияда Орхондон Кара Иртышка чейин жашашкан».[1]

Тарыхый булактарда белгилегендей найман хандарынын ортосундагы биримдиктин жоктугу, монгол аскерлеринин аларды бир –бирден талкалоосуна шарт түзүп берген.

1204 – ж Чынгыз хан Таян – ханды талкалагандан кийин анын уулу Кучлук- хан наймандардын бир бөлүгү менен Иртыш дарыясынын боюна чегинген меркиттерге кетет, ал жерде 1208 – ж монгол баатыры Субудай Иртыштын боюнда найман жана меркит аскерлерин талкалайт. Меркиттердин кол башчысы Токта-Беки курман болот, ал эми Кучлук-хан калган наймандар менен Жети-Сууга жер которот. 1218-ж Чынгыз – хан таланттуу колбашчысы Жэбэ нойонду Кучлүк-ханга каршы аттандырат. Жэбэ аскерлери менен Күчлүк-хандын колун кууп, Памирге чейин жетип, (Чоң-Алай) Күчлүк-хандын аскерлерин талкалайт, ошол салгылашууда Кучлүк-хан курман болгон. Белгилеп кетчү нерсе, Таян-хан деп аталып кеткен Бай-Бука Таяндын жалгыз уулу Күчлүк европалык тарыхчылар боюнча аты «Күчлүк», өз аты «Күчтүү», адабий чыгармаларда «Кушлук», «Куттук» баяндалат. Күчлүк – хан Батыш Ляо (Кара-Кытай) мамлекетиндеги алты хандыктын үстүнөн бийлеген хандардын ханы болгон.

Тарых булактарында Күчлүк-хан Чыгыш Түркистандагы мусулмандарга диний жактан кысым көрсөтүп, зомбулук кылган. Ошондуктан 1218-ж. Жэбэ

---

[1] (Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркиских племен и народностей и сведания об их численности. ЖС. СПб, 1896, вып. 3 -4 228 – б)

нойон баштаган монгол кошууну Алмалык, Баласагун, Кашкар шаарларын ээлеп алганда теңир-толук мусулмандар Күчлүк – ханга каршы чыгып, Кашкардагы найман аскерлерин кырып, Жэбэ, нойон тарабын колдошкон деп айтышат. Биз бул пикирди колдой албайбыз, себеби В. Яндын «Чынгыс хан» китебинде: монгол аскерлери чабуул коюуда эч качан ырайым дегенди билген эмес, ошондуктан «монголдор келетат экен» деген кабар чагылгандай тез тарап, конуштардын элдери тыркырай качып, шаар айыл кыштактардын тып тыйпылы чыккан. Ушундай мүнөзгө ээ болгон монгол аскерлерин кантип эле теңир тоолуктар колдошсун? Ал эми найман уруусунун ханы Күчлүк хан Түркстандагы мусулмандарга диний жактан кысым көрсөткөн-деп, айтылат, ошого байланыштуу Күчлүк ханды христиан-несторианстводо (Константиполь патриархы Нестория атындагы христиан динин бир агымы) болгон жана христиан динин тутунган деп божомолдошот. Эгерде Кучлук–хан христиан-несторианстводо болсо, анын патриархы, чиркөөсү болуш керек эле го жана ал дин кайсыл тилде элге таркатылгын? Ушундай далилсиз божомолдоолор чыныгы тарыхты билүүгө чоң жолтоо болоору бышык.

Ошентип, Күчлүк-хандын монголдор тарабынан талкаланышы (1218) найман мамлекетинин кулашынын жылы болуп калды. Кыргызстан аймагы жана жалпы эле кыргыздыр бийлеген жерлер 1218-ж толук Чынгыз-хандын дөөлөтүнө баш ийип калган. XII кылымдын аягы XIIIкылымдын башталышында найман мамлекети начарлай баштайт. Эниат-хандын эки уулу Таян-хан менен Буйрук-хандын бири-биринен ортосундагы талаш тартышы найман мамлекетинин эки хандыкка бөлүнүшүнө алып келет. Тарых белгилегендей найман хандыгынын биримдигинин жоктугу аларды монголдор тарабынан талкалоосуна шарт түзгөн, жогоруда белгилегендей 1218-ж тарта Чынгыз-хандын бийлөөсүндө

болушкан. Чындыгында Жети-Суулук наймандардын мамлекети убагында күчтүү болуп түштүк чек арасы Котанга дейре (Кытай жергеси), түндүгү Балкаш көлүнө дейре, чыгыш тарабы Зайсан Көлүнө дейре жана Монголиянын ичине кирип кеткен, андан тышкары Таян-хандын уулу Кучлук-Хан Кара-Кытай мамлекетин ээлеп алуу менен аны 1211-1218- жылдары башкарган.

Борбор Азиянын эн байыркы эли- кыргыздар айрым тарыхчылардын тастыктоосу боюнча VII-VIII кылымда түндүк тарабы-азыркы Красноярский шаарынан башталып, чыгыш тарабы Саян тоолору, Ока жана Ангара дарыяларына такалган. Кыргыз хандыгы аталган мамлекетти негиздөөгө жетишет. Оболу, бул аймакта тувалыктар, меркиттер жана элчи уруулары да кыргыздарга чектеш жашашкан. Аларга кыргыздар чабуул коюп, жерлерин ээлеп алышат. Хандыкты бекемдеген кыргыздар бул аймакта кыйла өнүгүп, ал гана эмес кендерди казып, темир, жез, алтын иштетүүнү колго алышат, муну окумуштуулардын археологиялык казуулары тастыктайт.


VIII кылымдын орто ченинде башталып, кылымдын башталышын чейин созулган енисейлик кыргыздар менен уйгурлардын ортосундагы согуш кыргыздардын жеңиши менен аяктап, Улуу Кыргыз Каганаты негизделген. Кээ бир тарыхчылардын далилдегенине караганда XII-XIII кылымдардагы картада кыргыздар менен наймандар кошуна жайгашканын көрөбүз, алар бир улуттун өкүлдөрү болсо да, наймандардын өзүнчө мамлекети болгон, - деп белгилешет. Алар ынтымакта жашап кыз алышып, кыз беришип, жылуу катнашта болушкан.

Найман мамлекети «мамлекет тушундагы классикалык деңгээлде ылайык» келген өлкө болгон. Анткени мөөрү, желеги жана бийлик белгиси–герби болуп коргонуу күчтөрүн аскер башчысы, лашкери жетектеген, укук жагын-казылар тейлеп, чарбалык иштерди-найман башчылар жана алардын кол астындагы кожолор

жөнгөрүп турган» (1) Окумуштуу М.Сапаевдин изилдөөсүндө «наймандардын өз тамгасы болгон, бирок ал кийин монгол арибине айланып кеткен»,-деген аныктамасы да бар. Ошондой эле алардын өз каада салттары, адаттары, маданияты менен башка элдерден айырмаланып турган, мындайча айтканда ошол кезде «наймандар отурукташа баштаган цивилдуу эл болушкан». Бирок, андан ары өнүгүү даражасына жетишүүгө жер, жайыт, анчылык аймактарды талашуудан чыккан согуштар мүмкүнчүлүк берген эмес.

Чынгых-хандын аяёосуз жортулдарынын натыйжасында, найман мамлекети талкаланып, наймандар ар тарапка тарап кетишкен. Кыргыздын найман уруусунун башка түрк жана башка элдердин арасында болуп калышынын бирден бир себеби монголдордун жемиштүү жортуулдарынын натыйжасы деп айтууга болот. Ошондуктан, казактардын арасында наймандар орто жүзүндө басымдуу бөлүгүн түзүшөт. Ал эми өзбектерде Шейбаны хандын наймандары деген ат менен кеңири белгилүү. Окумуштуулардын изилдөөлөрүндө найман уруусунун өкүлдөрү Орусияда Алтай элдеринде майман деген аталышта, түркмөн, тажик, каракалпак, татар, башкыр, Украина, Оганистан, Турция Иран, Пакистан, Монголия, Кытай мамлекеттеринде эки абалда-кыргыз наймандарынын уруусуна айланып кеткен наймандар Өзбекистандын Самарканд облусунун Ургут районундагы Окрач айылын бүткүл наймандардын баш бабасы төрөлгөн «жер киндиги» деп таанышат. Өзбек жана Казак наймандары 2012 жылы Окрач айылына атайын тарыхый эстелик монумент орнотушкан»[1]- деп жазат найман тарыхын изилдөөчү Муса Сапаев..

[1] (Сапаев М. Найман тарыхы. Зыяда Сыр.1-китеп. Б., Турар, 2016, 318-б.)




*Карта 1.* Жети-Суулук Наймандардын мамлекети (1211-1218-жж.)

«Найман» этониминин этимологиясын окумуштуулар тарабынан изилдениши жөнүндө учкай болсо да, айта кетүү максатка ылайык-деп, ойлойбуз.

Уруу атын белгилеген «найман» этноними алгач, X кылымдын ортосунда кытай жыл баяндамасы «Ляошиде» пайда болот. Кыргыздардын Монголияда калган бөлүгүн монгол тилдүү кидандар (кара кытайлар) «найман» же болбосо «сегиз огуз» деп аташкан.

Профессор И.Н.Березин «найман» сегиз, сегиз уруунун союзу, десе академик В.В.Бартольд найман сөзү монголчо «сегиз» дегенди билдирип, бул элдин сегиз урууга бөлүнөрүн көрсөтөт деп белгилеген.

Ал эми окумуштуу-тарыхчы Н.А. Аристов кыргыздар Катун дарыясынын куймасы Найма суусунун жанында жашашкан. Найма куймасынын атынан «Найман» этноними келип чыгышы мүмкүн деп божомолдойт.

Найман этониминин параллелдери да бар. Алтайлыктардын курамындагы «найман» этноними экендигин окумуштуулар белгилешет.

Найман уруусунун эн тамгасы «чөмүч тамга» 5 белгилейт тарых изилдөөчү Нурбек Туран.[1]

Максатыбыз Төө-моюн өрөөнүндө илгертен жашаган кыргыздын Найман уруусу жөнүндө тереңирээк чагылдыруу болуп, бул урууну жалпы кыргыз элинин тарыхынан бөлүп кароо туура эместигин белгилеп, кыргыздын найман уруусу ар дайым кыргыздын кырк уруунун арасында жашап, анын ажырагыс бөлүгү экендиги айкын. «Найман» этноними жөнүндө окумуштуу тарыхчылардын ар кандай пикирин толук чагылдырууга аракет жасадык. Биздин пикирибиз боюнча «найман» этнонимин окумуштуулар өз алдынча аныктоого аракет жасашкан: «найман» этнонимин сегиз өгүз, б.а. «сегиз

[1] (Нурбек Туран. Тейит. Санжыра жана тарых. Б., «Турар», 2013, 114-б)

угуз» «сегиз уруу» деп, «найман» этнонимин бир бөлүгүну аныктамасын беришкен.

«Найман» этноними жөнүндө окумуштуу тарыхчылардын ар кандай пикирлерин толугу менен чагылдырууга аракет жасадык. Бул, албетте, наймандар жөнүндө наймандар менен коңшу жашашкан жана алар менен мамиледе (соода-сатык, башка катнаштарда-сөздүн кен маанисинде) болгон элдердин айткандары болгон. Мүмкүн, окумуштуу Н.А.Аристов «… кыргыздар Катун дарыясынын куймасы Найма куймасынын атынан «найман» этноними келип чыгышы мүмкүн»-деген версиясы наймандар өздөрүн ошол куймага байланыштуу айтышы мүмкүн, себеби кыргыз эли энчилүү аттарды касиеттүү жаратылыш менен байланыштырып келишкендиги белгилүү.

Ал эми тарых изилдөөчү М.Сапаев «Найман» этнонимин « наи» түшүнүгү менен берет. «Наи» - жетекчи, таасирдүү инсан, кол башчы, «наи» - мен б.а. жетекчи менмин.

Биздин оюбузча европа мамлекеттеринин тарыхчылары, кийинки (М.Сапаев, Н.Турган ж.б.) «найман» этнонимдин ар тарабын, маанисин ачышкан. «Найман» этнонимин аныктоодо, анын «сегиз огуз»-сегиз уруу, «наимен»-«жетекчи менмин» деген аныктоолору акыйкат-деп жыйынтыктайбыз, себеби кыргыздын найман уруусу гүлдөп, өнүгүп XI-XII аралыгында өз мамлекетин түптөп, ошол мезгилде «цивилдүү» эл болгонун тарых далилдеп турат. Найман уруусу сегиз белгилүү бөлүктөрдөн тургандыктан европалык тарыхчылар «сегиз-гуз, «сегиз-уруу»-деп, «Найман» этнониминин бир аныктамасын аныкташкан. Ал эми М.Сапаев кыргыздын найман уруусундагы жетекчи, башчы деген түшүнүктү берген «наимен» сөзүн аныктап, «найман» этнониминин бир аныктамасын белгилейт. Ошондуктан, «найман» этнонимине европалык тарыхчылардын аныктамасын (эгерде сегиз уруудан найман уруусу түптөлбөсө, алар X-XII

кылымдардагы территориясы чоң найман мамлекетин түзө алмак эмес), ошондой эле М. Сапаевдин «наимен» аныктамасын да колдоп, «найман» этноними кыргыздын найман уруусун сегиз «уруктан» (көн найман, бөө бий найман, чочко найман, боз торгой найман, мырза найман, кожо найман, кара найман, ак найман, боз найман, булгаачы найман сарыбай ж.б.) түзүлөөрүн баса белгилеп кетебиз.

М. Сапаевдин «найман» этноними боюнча пикири аалым Молло Шарап Кожо Нияз уулунун санжырасына маанилеш келет. Эгерде М.Сапаев «наимен – жетекчи, башчы болсо, Молло Шарап Кожо Нияз уулуунун санжырасында «Найып ман-султан (ал деле башчы, жетекчи «Молло Шарап: «Шаамухаммаддин балдарына найман деген лакап берилген. Султан Субханкулудан: «Бул уулуңуз эмне иш кылат? – дейт сурайт Султан Субханкулу «Найып ман»-дейт. Мааниси: менден соң ушул уулум ордума султан болот. Ошондуктан Шаамухаммаддин балдары «найман» деп аталат»[1]

Шаамухаммаддын найман уруусу 10 уруусу кыргыздын тобуна кирет. Ушул ичкилик урууларынын келип чыгышы жөнүндө жаңылыш санжыралар да бар.

Кыргыздын белгилүү санжырачысы Төрөкан уулу Эсенгул «Кыргыздын кыскача санжырасы» деген китебинде кыргыздын ичкилик урууларынын келип чыгышы жөнүндө жаңылыштык менен кыргыздын ичкилик уруулары көнчү (терини иштеткен устаны көнчү-деп, аташкан) уйгурдан таркаган – деп жазат. Ушул китепти окуган адамга түшүнүктүү болсун үчүн Төрөкан уулу Эсенгулдун «Кыргыздын кыскача санжырасы» китебиндеги автордун жазгандарын толугу менен келтиребиз «…бугу элинин (Ысык-Көл бугусу) ичинде

[1] (Абдикулов М.Ы. Мадимаров М.А. Молло Шарап Карваний., Б., 2008, 81 б.)

«Булгаарычынын тукуму» дегендер да бар. Илгери Адигине элине бир жетим уйгур келип, көөнү (көн) булгары жасап, аны элге сатып оокат кылып жүрүп эл ичинде «Булгаарычы» атыгып кетиптир. Булгаарычы кайра элине кетпей, кыргыздан аял алып, жергиликтүү эл болуп туруп калыптыр. Ошондон Каңгы (Канды уруусун айтса керек автор), Тейит, Жоокесек, Кызыл аяк, Кыдырма (Кыдырша уруусун айтса керек автор), Бостон, Кесек, Найман, Нойгут. Мунун Тейитинен бир тобу Жети-Өгүздүн Чычкан кыштагында, ал эми Найманынан болсо Босторгой, Бобул (наймандын Бөө бий бөлүкчөсүн айтып жатса керек-автор) Мунун Бобуйунун тукум-дарынын көпчүлүгү Ысык–Көлдүн Таштак кыштагында жайгашкан.[1]

«Санжырачы Төрөкан уулу Эсенгул далилсиз эле мындай бүтүмгө келиши тарых окуп үйрөөнүүлөрдү, жалпы окуучуларды адаштырбай койбойт. Мисалы, найман уруусунун Бөөбий бөлүкчөсүнүн Бөөбий аталышынын себебин башка санжырачылар төмөнкүдөй айтышат. Кыргыздын бийи Карабий жортуулга чыгып, душманын талкалап кайтканда, анын жоокерлери боз үйдүн ичинде тирүү калган эмчектеги баланы таап алып, анын Карабийге алып келип, баланын жөн жайын бийге түшүндүрүшөт. Анда Кара бий: Баланы ала кетели деп буйрук берет, өз жигиттерине ошентип баланы бөөнгө салып сүт берип, тарбиялап чоңойтушкан. Карабий айткан экен өз жигиттерине: «Бул бала бөөндө чоңойду эле, ошондуктан ал Бөөбий болсун деп дуба берген экен. Же болбосо, тарыхтын өнүгүүсүнө ой жүгүртсөк «Наймандар –тарых таржымалы атактуу аскер башчы Али Искендер Зулкарнайын (Александр Македонский) заманынан башталарын баамдоо кыйын эмес. Искендар

[1] (Төрөкан уулу Эсенгул. Кыргыздын кыскача санжырасы. Бишкек «Учкун» 1995, 7-б.)

Зулкарнайн биздин заманга чейинки 333-жылдары аскердик жортулдарын баштаган.[1]

Санжырачы Төрөкан уулу Эсенгул ичкилик–кыргыздардын 8 эле уруусун атап кетет, ал эми «Кыргыз» этноними кыргыз улуту 40 урууга жетип, анын ичинде ичкиликтер он урууну түзөөрүн бардык уруу 40 болду, алар кырк гуз болду, б.а. кырк уруу болду, алар кырк гуз деген аталыштан «кыргыз» этноними пайда болгон деген пикир бар.


Академик В.В.Бартольд кыргыздар Орто Азиянынын эң байыркы элдеринин бири, алар Орто Азияда жашаган элдердин ичинен тарыхта аты эрте жолуккан эл болуп саналат – деп, баса белгилеген. «Кыргыз» этноними алгач Хань династиясынын жыл баяндарында б.з.ч. 201 – жылы маалыматтарда эскерилет. «Кыргыз» этноними окумуштуулар тарабынан ар кандай чечмеленген.

Окумуштуулар С.М.Абрамзон, Д.Банзаров, Л.Лигети «Кыргыз» этнонимин «кырк уруулуу эл», ал эми В.В. Радлов «Жүз кырк эл», А.З.Велиди «кырк эр» татар окумуштуусу М.М. Рамзи Огуз-хандын урпактары болгон түрк тайпаларынын ичиндеги чоң бир тайпа «кырда жашаган огуздар», «кыр-огуздар» дегенден «кыргыздар» болсо керек деп жазат. К.И.Петров «Кыргыз» (кыргыздар) б.а. адамдардын жүзүнө келбетине, кызыл жүзүнө кызыл жерлердин жашоочулары Н.А.Баскаков болсо, К.И.Петровдун адамдын тышкы келбетине карап айткан «кызыл эл», аныктамасын четке кагып, географиялык таркалуусу боюнча «кызыл огуздар»-түштүктө жайгашкан огуздар» - дейт.

Ал эми А.Н. Кононов байыркы кыргыздар – бойлуу, кызыл тору бетүү жана көк көздүү. Кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноев «кырк жүз», «кырк угун», «кырк кыз» жана «кырк усун» сөздөрүнүн кыскартылганы «кыргыз»

[1] (Сапаев М. Найман тарыхы. Зыяда сыр Б. «Турар» 2016, 33-б.)

*Схема 8.* Найман уруусунун генеалогиялык схемасы



деген этноним «кырк уруу же урук», «кырк уруулуу эл» деген түшүнүктү берет-деген пикирди колдойт. Биздин дагы «кыргыз» этнонимин кырк гуз, кырк уруу деген сөздөрдөн, түшүнүктөн келип чыгышканын колдойбуз, себеби эл ичинде айтылып жүргөн санжыраларда «кыргыз» этноними ушундайча чечмеленет, арийне кыргыздар кырк уруудан түзүлөт: он уруу ичкилик жана отуз уруу- отуз уул. Негизги темабыз кыргыздын ичкилик уруулары, анын ичинен наймандар жөнүндө болгондуктан «ичкилик» деген түшүнүкө, аныктама берип кеткенибиз жөндүү болмокчу.

Дүйнө калкы, анын ичинде кыргыздардын жашоо образы үй-бүлө, тууган-туушкандык менен чогуу жашап келүүсү табийгый көрүнүш. Ушундай принципте алар өз үй-бүлөөсүн, уруусун тышкы душмандан сактап, коргоп келишкен. Ошол процесс өсүп-өнүгүп олтуруп урууну, улуту пайда кылган. Кыргыздарда өз урууларына мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен урууларга аныктама беришкен. Кыргыздын ичкилик урууларына кыпчак, катаган, нойгут найман,төөлөс, оргу, бостон, каңды, тейит, кыдырша –ушул он урууну аташат, бирок кээ бир санжырачылар абат, кесек (М.Сапаев) өзүнчө уруу кылып көрсөтүп, оргуну наймандын бир бутагы катары көрсөтөт. (М.Сапаев)

Абат ашып келген,
Нойгут басып келген,
Каңды качып келген,
Төөлөс чачып келген,
Бостон кууп келген,
Оргу ооп келген,
Кыпчак жоолап келген,
Найман доолап келген,
Кесек кезип келген,
Тейит терип келген, (Эл сөзү)

Кыргыз кырк уруу эл болуп, отуз уул (30 уруу) ичкиликтер (10 уруу) Сөз ыңгайы келгенде он уруу

ичкилик кыргыздардын «ичкилик» аталып калышы жөнүндө учкай болсо да токтоло кетели.

Тарыхчы Г.Мадаминов элдик уламышты баяндап, илгери кыргыздар тың жашап турганда, аларды көрө албаган душмандары кол салып, кыргыздар жеңилип калат. Кыргыздын 40 адамы тар капчыгайга жашынып калат, аларды байкап калган душман артынан сая түшөт. Бирок, отузу кеч кирип калгандыгынан пайдаланып, капчыгайдан качып чыгышат, бир топ убакыт өткөн соң душман кетип, тынчтык болгон баякы отуз адам калган он адамын издеп келишет. Алар он адамды капчыгайдын жогору жагындагы тоодон табышат. Капчыгайдан кутулуп чыккандары өздөрүн отуз уул деп, ал эми капчыгайдын ичинде калгандар ичкилик деп, аталып калышкан экен дейт.

Ал эми С. Закиров «Кыргыз санжырасы» (Б. 2013) китебинде кыргыздардын он, сол, ичкилик деп аталышы согуштук аракеттерден келип чыккан.Душмандын так мандайында ичкиликтер турган,алар борбордон бет мандай сокку берген, алар эр жүрөк болушкан: борбордо, ичинде турган, ошондуктан ичкиликтер-аталган деп жыйынтыктайт.

Тарыхчы Анвар Байтур (кытайлык Кыргыз тарыхчы) кызыктуу уламышты жазып калтырган, ошондуктан аны толугу менен эле берели. «Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып, Кыпчак, Найман, Тейит, Кесек, деген төрт уулун баш кылып, элинин бу бөлүгүнө өзү жетекчилик кылып, келген жоонуун как ортосунан сокку бермекчи болуптур. Ал жоого каршы турган бул сапты «ичкилик» деп атаптыр жана Адигине менен Тагай деген уулун жоонун бу жагына сокку берүүгө жибериптир. Адигине менен Тагай өздөрүнүн Мунгуш, Черик, Бугу, Багыш, Сарбагыш, Саяк, Солто деген балдары башкарган аскерлерге жетекчилик кылып жоонун оң канатын бузуп түшүптүр. Булар «оң» деп аталыптыр. Ал эми Кыргызбайдын бир аялынан

төрөлгөн Басыз, Мундуз, Саруу, Кушчу, (Кутчу), Кытай, Мингуш деген балдары жоонун сол жагынан бузуп кириптир. Кыргызбай буларды «сол» деп атаптыр. Ошентип жоону жеңип, өз элинин боштондугун сактаган экен. Демек, кыргыз деген наам жана азыркы кыргыз уруулары ошолордон келип чыккан экен.[1]

Кытай тарыхчысы окумуштуу Анвар Байтурдун оюн бөлүшпөй коюуга болбойт, ал уламыштарда кыргыздын ата-теги бир, алар отуз уул жана ичкилик болуп айтылса да, бир атанын балдары деген «жылуу» пикири бар.

Бир эле улуттун ичинде урууларга бөлүнүү дүйнө жүзүндөгү элдерге мүнөздүү көрүнүш. Балким балээнин баары адам баласы таш доорунан кийинки темир дооруна келгенде өндүрүш куралдары, таш куралдарынын ордуна темир куралдары келип, өндүрүш өнүгүп, адамдар жамаатында мал-мүлккө, жайыт жайлоого, жалпы эле материалдык байлыктын теңсиздик менен бөлүнгөнүндө жана илгерки үйүр топтук никеленүүнүн ордуна үй-бүлөө пайда болуп, ар бир уруу энеге карап бөлүнбөй, атага карап бөлүнүп, уруулар ортосунда ар кандай чыр чатактар болуп, анын себеби материалдык байлыктын бөлүнүшү болгон (дүйнөдө элдер ортосундагы согуштардын башкы себеби эле материалдык байлыкты ээлөө, жерин тартып алуу ж.б. болгону баарыбызга маалым).

Санжырачы С. Закиров төмөнкү пикирди айтат: «… Санжырачылар ичкилик урууларын бирде солго кошуп, бирде кырк уул, бирде отуз уулга кошуп айта беришет. Санжырачылардын мындай чаташтырып жатканынын башкы себеби, булардын байыркы уруулардан, элдерден болгонунда. Ошол себептен «… ичкилик уруулары эң эски уруулар» - деп, ичкилик урууларына: канды, төөлөс, тейит, найман, жоо кесек, бостон, нойгут, кыпчак, ават

---

[1] (Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лециялары 1-китеп, Б., 1992, 33-б.)

урууларын киргизет. Ошону менен бирге «жоо, кесек бир эле уруу»-дейт.[1]

Кыргыз элинин ооз эки чыгармаларында, уламыштарда «ичкилик» уруулары жөнүндө кеңири баяндалып келген. Мисалы «Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Манас» эпосунун С.Каралаевдин да, Сагынбай Орозбаковдун варианттарында каңды, кыпчак, нойгут, абат, найман, тейит, төөлөс, кара кесек, Манас менен бирге болушат.

Кыргыз журтунун ажырагыс бир бөлүгү «ичкиликтер» жана «ичкилик» сөзүнүн келип чыгышы боюнча окумуштуулардын, уламыштырда айтылган ой-пикирлерин чагылдырууга аракет жасадык. Бирок, «Найман тарыхы» көлөмдүү китебинин автору Муса Сапаевдин «ичкилик» сөзүнүн келип чыгышы жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөрүн айтпай кетүүгө болбойт, себеби М.Сапаев найман тарыхын изилдеп жатып, жалпы эле кыргыз журтунун тарыхына толуктоолорду киргизди-деп, айтсак болчудай. Анда ошол кептен баштайлы.

Чынгыс-хандан жеңилип, каза болгон найман ханы Таян-хан, анын уулу Кучлук-хан (Памир тоолору тарап, Чоң-Алай тарап) тарапка качып кеткенден кийин, найман хандарында калган сабаттуу, маданияттуу, далай согушту баштан өткөргөн тажырыйбалуу жоокерлер Чынгыз-ханга керек болчу. Чынгыз-хан наймандарга ийкемдүү мамиле жасоону чечет, антпесе наймандар тез эле Чынгыз –ханга каршы каардуу күчкө айланмак. Чынгыз-хан гениалдуу, мекенчил, ички туюмдуу илгиртпей пайдаланган көрөгөч, кыраакы, даанышман уюштуруучу, айбаттуу адилет, катаал калыс, чебер дипломат, залкар мамлекеттик ишмердиги менен найман мамлекетиндеги он башы, жүз башы, миң башы жана сабаттуу наймандарды өзүнө тартып, аларды ордосуна монголдор

[1] (Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996, 239-б.)

менен улагалаш жашашкан найман, кыпчак, тейит, төөлөс, бостон, каңды, кесек, кыдырша, абат, нойгут урууларынын өкүлдөрү да болушкан. «Кийин Улуу Курултай салтанатында көрүнүктүү өкүлдөрү Алтын Шатырдын ичине жайгашуу урматына татыган уруулар «ичкиликтер» аталып кетет» - деп жыйынтыктайт өз оюн М.Сапаев.[1]

«Ичкилик» сөзүнүн чыгып келиши боюнча тарыхчылардын, уламыштарда айтылган ой-пикирлерди баяндадык, эми китеп окуучу «ичкилик» деген түшүнүк боюнча өзүнө тыянак чыгарып алаар деген ойдобуз.

## ӨЗГӨРГӨН ӨРӨӨН

Төө Моюн өрөөнүндө – байыркы айыл Керкиндан болуп, Азыркы Найман жана Жеке-Мисте айылдарында да эл илгертен бери жашап келишкен. «Элүүжылда-эл жаңы, жүз жылда – жер жаңы» деген элдик сөз бекеринен айтылбаса керек. Арийне, Найман айылынын эли Түштүк фергана каналы тарапта жашашып, анчалык көп кожолук болгон эмес. Ошондой эле Жеке-Мисте айылы 1930-1940-ж.ж. түптөлүп, ошол айылга Түштүк Фергана каналынын боюнан көчүп чыгышкан. Эми ушул айылдардын элинин таржымалына кайрылып, элдик ооз эки санжырага кайрылууга туура келет, себеби элдин таржымалы тарыхы жазуу жүзүндө чагылдырылган эмес.

Найман айылынын калкы көн найманынын уулу Жанболдон таркашат, Жеке-Мисте айылынын наймандары Жанболдун бир тууганы Жанбарактан, ал эми Кызыл-Кыя шаарына караштуу Тешик-Арык айылынын көн наймандары Байболдон (ал Жанбарактын бир тууганы), ал эми Акбарактан (ал Жанбарактын бир

[1] № (Сапаев М. Найман тарыхы Зыяда сыр.Б., «Турар», 2016, 125-б.)

тууганы) Кадамжай районунун Кара-Дөбө айылынын наймандары болуп саналат. Жанбол, Жанбарак, Байбол жана Акбарак Көйке-атанынын балдары, болуп Көйкенин бир тууганы Кенжебайдын атасы Итим, анын бир тууганы Сасыман, Итим менен Сасымандын атасы Көн. Ушул Көн-атанын атына байланыштуу анын балдары – Көн наймандар аталып калышкан. Ал эми Кара-бийден үч уул болгон, алар: Көн, Дөөлөт – бийке (кыздай созулган адам болгон экен, ошондуктан «бийке» деп коюшкан) жана Гунан баатыр. Дөөлөт бийкеден Кадамжай районундагы Чаувайлык наймандар, ал эми Гунан баатырдан Өзбекистанга караштуу Мархамат районунун Нефтепром (Акбаш) жергесинин наймандары таркаган, алардан белгилуу инсан Мадумар-арак, Гунан баатырдын урпактарынан болот.Мадумар ото созмор, чечен адам болгонунан аны Мадумар-арак деп коюшкан экен.

Бул санжыраны Жеке-Мистелик сөзмөр акылдуу адам Шержанов Молдо Низамидин Төө-Моюндук Эрмат-каарыдан («каары»- бардык ааламды жараткан Алла Тааланын элчиси Мухаммад (а.с) га, андан Асим аркылуу Хафыстын айтуусу менен бизге жеткирилген Ыйык Куранды жаткан билген адам) жазып алган. Молдо Низамидинден Атамкулов Абдурахман 1960-ж. жазып алган.

Түрк дүйнөсүнүн мусулмандык доордогу мадания-тынын берметтеринин бири Жусуп Баласагуни (Ал Чүй өрөөнүндөгү Баласагуни шаарында 1015-1018-ж.ж. аралыгында туулган. Ал «Кутадгу билиг»- «Кут алчу билим» дастанын жазып, Кашкардагы Караханий каганы Абд Али Хасанга тартуу кылган) Жусуп Баласагын:

«Акылмандар жазбаса урпакка деп,
Өткөн тарых дайынын кимдер билмек?»

Кара-бий эл башкарып, адилеттүүлүгү менен эл ичинде чоң урмат сыйга ээ болгон. Анын мүрзөсү Кадамжай районунун Үч –Коргон айылынан түштүккө

б.а. Исфайрам дарыясын бойлой жүргөндө Шыгай деген жерге жетпей жолдун сол тарабына коюлган. Мүрзөнү үч аябай чоң таштар курчап турат, сыягы таштардын үчтөн эки бөлүгү жердин астында калган. Жолдон өткө жолоочулар токтоп, куран түшүрүп. Аллах Талаадан өз сапарларынын байсалдуу болушун, тынчтыкты сурап, ооруу сыркоодон оолак болууну тилеп турушкан. Эл ичинде кэзде айтылып калган төмөнкүдөй окуялар да бар. Илгери бир адам малдары менен жайлоого баратып, Кара-бийдин мүрзөсүнө куран окубай өтүп кеткен экен. Жайлоодо малына карышкыр тийип, жарым малынан ажырап, өзүнүн ден-соолугу начарлап, күзүндө кыштоосуна араң эле жеткен экен. Кийинчерээк ал адам «Мен ошондо шашылбай Карабий атага куран түшүрүп өтсөм болмок экен, балдарына, насаат айтып, силер ар дайым курандан тилеват (Курандагы сүрөөлөр) кылып өткүлө ошол Карабий атабыздын мүрзөсүнө»- деген экен.

Ушул жерде белгилеп кетчү нерсе Кара-бий кыргыз журтуна таанымал адам болуп, тарыхта жазма, аты калган, бирок союз мезгилинде жарык көргөн эки томдуу «История Киргизии» китебинде (I том) «Кара-бий» эмес, жаңылыштык менен Кичик бий деп жазылып калган.

Азыркы Найман айылынын түпкү эли болуп, наймандар болуп саналат. (Жанболдун урпактары, беш наймандар), ошондуктан айыл уруу атына байланыштуу «Найман» айылы аталып калган. Тактап айтканда, Найман айылында беш наймандар, чочко наймандар, раматылык молдо Маманов Сатыбалдынын уруктары жана башкалар жашашкан.

1950 жылы Кыргызстан Министрлер Советинин чечими менен Жаны Ноокат районунда пахта эгиле баштаган. Ошондуктан Жаны Ноокат районуна караштуу Караван жергесине жана Төө-Моюнда бирден пахта кабыл алуу пунктарын куруу чечими да кабыл алынган. Бул курулуштарды жетектөөгө Аравандык

Халилов Маннон дайындалган, ал Араванда пахта кабыл алуу пункттарында башчы болуп эмгектенген эле.

Караванда жана Төө-Моюнда пахта кабыл алуу пункттарын куруу оор болгон , себеби ал пункттар ачык, жалан жерлерде биринчи жолу курулуп жаткан. Шарттын жоктугу, эмгек куралдарынын жетишсиздиги жана чон таразаларды куруудагы кыйынчылыктар арбын эле болгон, жада калса курулуш ишине 12-15 км.жерден суу ташылган. Халилов Маннон жетекчилигинде пахта кабыл алуу пункттары 6 ай ичинде курулуп буткон. Ошондой эле Төө-Моюнда пахта кабыл алуу пунктунда жумушчулар жашай турган уйлор да кыска моонотто курулуп, ал жер «Хлоппункт» айылы деп аталган.

Алгач Жаны Ноокат районунун колхоздорунда пахта пландары аткарылып, пахта бул аймакта 1950-жылдан 1957-жылга чейин эгилип келген. 1957 жылдан аба ырайына байланыштуу Жаңы Ноокат районунунда пахта эгилбей калган, пахта көп эгилген Көк-Жар жана Караван айылдарында да эгүү токтотулган, ал эми жайы аптаптуу Төө-Моюн өрөөнүндө ушул күнгө чейин пахта эгилип, өрөөндө сапаттуу була өндүрүлөт. Өрөөндөгү кургак, ыссык аба ырыйы пахта өсүмдүгүнүн тийиштүү нормада өсүшүнө чоң өбөлгө түзүп, продукция өз кондициясына жетип бышкандыктан анын кардарлары ар дайым арбын.

1999-жылы Төө-Моюнда Улуу Британия мамлекетинин «ДИМ лимитед» компаниясы пахтаны кайра иштетүүчү, тазалоочу пахта заводунун курулушун баштап, аны 2000 жылынын күзүндө толугу менен куруп бүтүргөн жана заводко « Найман пахта тазалоочу заводу» деген ат берилген. Завод азыркы учурда да иштеп пахтадан пахта чигитин, пахта буласын, линтин жана улюк чыгарат. Ал эми пахта чигитинен пахта майы жана пахта күнжарасы даярдалат.

Койке атанын дагы бир баласы – Жанабарактан Жеке-Мисте айылындагы наймандар болуп саналат. Алар

да Түштүк фергана каналын бойлой жашашып, кийинчээрек, азыркы айыл турган жерге көчүп чыгышкан (айыл 1939-жылдан түптөлө баштаган). Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде Кыргызстанга көчүрмө болгон Кавказ жергесинен чечендер келип, алар үйлөрдү салышкан, эл ичинде көлөмү чоң гыштардан чечендер үй салгандыктан «бул үй чечен гыш менен салыныптыр»-деп, айтышчу. Чечендер бир-эки жылдын ичинде Караван жана башка жактарга көчүп кетишкен, себеби Төө-Моюнда жашоо шарты абдан оор болгон.

Айылдын «Жеке-Мисте» аталышы жөнүнөн .Айылдын чыгыш түштүк тарабында чоңдугу чоң өрүк дарагындай жеке мисте дарагы өсүп турган. Ошол жеке мистеден түштүкө карай тээ адырларга чейин жапайы, табыйгый мистелер көп болгон экен., чынында азыркы күндө да Улуу Тоо тоосунун түндүк жагындагы адырларда жапайы өсүп турган мистелер бар.

Табияттын берген белеги катары жапайы мистелер Төө-Моюн өрөөнүнүн түштүк чыгыш тарабында өтө көп өскөн. XVIII кылымдын аягы XIXкылымдын баш ченинде адамдар аларды отун катары пайдалана баштаган. Көпчүлүгү кыркылып жок кылынган. Алардын катарында жалгыз гана өтө чоң бир түп мисте дарагы сакталып калган. Кудайдын буйругу болмоюнча, кумурсканын буту сынбайт деген сөз бар. Жалгыз түп мистенин сакталып калышын керемет катары кабыл алса болот. Ал дарак өзү жалгыз калып, көпкө чейин сакталып тургандыктан бир айылдын атын алышы мүмкүн. Ал дарак 1950-жылдары кыркылган. Уламыштарга караганда, Төө-Моюн өрөөнүнүн түштүк тарабы бадал токой сыяктуу болуп, түндүк чыгыш тарабында мисте дарактары мол болгон экен.

Өзбекстандын аймактарына жол жүргөн жүргүнчүлөр жайдын аптаптуу күндөрүндө чоң мисте дарагынын көлөкөсүндө эс алып, сапарын андан ары улаган. Мистенин мөмөсүн жегендер өздөрүн бактылуу сезишип,

турмуштан өз ордун табып, ден-соолугу чың болот деген кеп эл арасында айтылып турган. Мистенин мөмөсүн жегендер жолдуубуз деп эсептешкен. Анын мөмөсү адам баласына күч-кубат берип турат деген ишенимдер болгон. Арийне, азыркы илим далилдегендей, мисте боорду дарылайт, аз кандуулукта, он эки эли ичегидеги жараларды, жүрөк ооруларын да айыктырат экен. Ошондуктан мисте күнү деп, дүйнө адамдары 26-ноябрды белгилешет.

Мисте дарагы Кыргызстандын түштүгүндө өзгөчө Жалал-Абадда жана күнөстүү Төө-Моюн өрөөнүндө өсөт, ал эми дүйнөдө Иран, Туркия жана Кытайдын кээ бир райондорунда өсөт. Мисте дарагынын узундугу 5-6 метрге жетет экен, ал эми Төө-Моюн өрөөнүндөгү адырларда өскөн мисте дарактарынын бою жапыс эле болуп, алар 2-2,5 метр чейин эле өсөт, эки жылда бир жолу түшүм берет, ал августун аяк чени сентябрь айларында бышат. Мисте дарагынан жыгач усталар ар кандай эмеректерди жасашат, ал кургакчылыкка чыдамдуу келет.

Кытайлыктар мистени «бактылуу жаңгак»- деп, коюшат жана мистенин мөмөсүн үйгө коюп койсо, ал ошол үйгө бакыт алып келет деп эсептешет. Ордолуу Ош шаарынын базарында Иран, Туркия мамлекеттеринен алып келинген мистелер сатылат. Врачтар мистени бал менен жесе ден-соолука өтө пайдалуу, себеби мистенин составында «Е» витамини бар жана бир күндө 10-15 даана гана жеш керек-деп, кеңеш беришет.

Төө-Моюн өрөөнүндө жашаган эл жөнүндө баян куруп жатып, мисте дарагына кеңири токтолгонубуздун себеби кыргыздар жер аттарын табиятын кудай берген өзгөчө белгилерин терең баамдап, түбөлүктүү ат бергенинде, «мелмилдеген мейкин жердин ортосуна мойнун созуп, чөккөн төө сымал орноп калган тоонун көрүнүшүнөн улам өрөөн Төө-Моюн деп»- аталып калган деп, сөз башында айтып кеткен элек. Же жогоруда

баяндап, Алтай чөлкөмдөрүн мекендеген ата-бабаларыбыз «Бай көл»-деп, азыркы дүйнөлүк география картасында «Байкал» деп аталган көлгө да өтө таамай ат беришкен. Чынында, окумуштуулар далилдешкендей Байкал көлүндөгүдөй балыктын көп түрүнө дүйнөдөгү башка деңиздерде, көлдөрдө жок экен. Ата-бабаларыбыз ошол мезгилдерде эле балыктын көп түрдүү көлүн «Бай көл»-деп, аташкан экен. Жаратылышка мындай баа берүү, таамай баалоо өзгөчөлүгү дүйнөнүн башка элдеринде сейрек кездешүүчү өзгөчөлүк болуп саналат.

Мындан кийинки баянды Төө-Моюн өрөөнүндөгү суу тартыштыгынан Ноокат жергесинен, анын Чили-Сайынын Төө-Моюн өрөөнүнө суу алып келүү тарыхынан баштасак.

## МАМАКЕ БИЙ

Мурунку «Төө-Моюн» совхозунун малканасы жайгашкан, эл ичинде «Бөлтүрүк таш», «Кош дөбө» деген адыр дөңсөөнүн чыгыш жагында дөңсөөгө күн батыштан келген шамал тийбеген жерде, азыркы күнгө чейин чөп чыкпай боз үйлөрдүн орду билинип турат. Бул жерде наймандардын бийи Мамаке бийдин кыштоосу болгон экен. Күндөрдүн биринде Мамаке-бий ойго чөмүлүп олтурат, аны байкап калган элдин аксакалы сурап калат: «Бий сизге не болду терең ойго чөмүлүп калыптырсыз?»-деп, анда бий: «Кыштообуз жакшы, кышы жеңил мал жанга жагымдуу, бирок Апшыр-Атадан келүүчү суу ушул жерлерге чейин жетпей калды . Анын себебин билесиз, өйдө жакта эл көбөйүп, суу боюна отурукташа кетип, мына бизге чейин суу тартыш болуп калды. Ошондуктан Ноокат жергесинин Чили-Сайынан Жылгын-Сай аркылуу Төө-Моюнга суу алып келсек, ал үчүн Төө-Моюндуктар Чили-Сайдан Жылгын-Сайга чейин арык (канал) казышы керек, ага элдин күчү жетпейт, ошондуктан бул пикирди

төөлөстүк, каңдынын, оргунун бийлерине айтсак, биргелешип арык казсак, Чили-Сайдагы мол суу бардыгына жетээр эле деп, айыл аксакалына кеңеш салат. Айыл аксакалдары менен кеңешип, эрте жазда Төө-Моюнга Мамаке – бийдикине Төөлөс уруусунун бийи Жуман бийди, Оргу уруусунун бийи Асан-бийди, Каңды уруусунун бийи Маматали – бийди конокко чакырышат, бул 1702-жылдар экен. Эки туу калган боз бээнин этин жеп бүтүшкөндөн кийин, коноктордон төөлөс бийи Жуман-бий: «Мамаке-бий, бизди мыктылап коноктодуңуз деги эмне кеп бар эле ?»-деп сурайт. Мамаке-бий ушул күндөрдө Апшыр-Атадан келүүчү суу Төө-Моюнга чейин жетпей калганын жана Чили-Сайда суу мол арык казсак, суу Жөгөдө (азыркы Төөлөс айыл аймагы) жана коңшулаш айылдарга да суу болоорун, чогулуп арык казсак-деген пикирин айтат. Ошентип, бийлер акылын калчап, кеңешип арык казмак болушат. Бийлер бул пикирдин туура экенине макул болушуп, Чили-Сайдан Он-Алышка чейин Мамаке-бий, Он-Алыштан Каракчы кол сайына чейин Маматали-бий, Каракчы кол сайынан Жаштын сайына чейин-Жуман-бий, Жаштын сайынан Каракчы –Колго чейин Асан-бий арык казышып, андан ары Жылгын- Сай менен Төө-Моюнга суу алып келинген. Арык 1704-жылы бүтүп, ага 1,5 тегирмен суу байланган.

Кийинчерээк Мамаке-бийдин эли Кош-Дөбөдөн азыркы Сары-Ташка журт которушкан, албетте суунун жетишсиздигинен.

Төө-Моюн өрөөнүнө суу Совет доорунда гана жетишерлик болуп келе баштаган, мисалы, 1934-жылы Аравандан (Араван сайынан) канал казылып, узундугу 43 км болуп, аны партиянын XII партсьезди атындагы канал деп аталган. Бул каналдан мурдагы Сталин (Жеке-Мисте айылы), 18 партконференция (Ак –Шор айылы) жана Ленин (Найман айылы) колхоздору суудан пайдаланышкан, ал эми Керкидан айылына Исфайрам сайдан суу келип турган. Ал учурда Керкидан айылы Керкидан суу

сактагычынын ордунда болгон). 12 партсезд каналын казуу мезгилинде Чек-Абадтын тескей адырында Чек-Абаддык Койчу калпанын коюлган мүрзөсүнө каналдын проектиси тура келип калган. Канал казуучулар жана анын жетекчилери аргасыздан тумшукту айландырып канал ачышкан. Бул эң туура гумандуу чечим болгон, себеби тириктердин урматы кандай зарыл болсо, өлгөндөрдүн урматы да ошондой зарыл. Өткөн азиздер, ата-энелердин мүрзөлөрү кээ бир жерлерде аяк асты болуп, алардын урматы сакталбай калууда.

Ошентсе да, XII партсьезд атындагы каналдан келген суу Төө-Моюн өрөөнүн толук канааттандырган эмес, ошондуктан 1953-жылдан Найман суу сактагычы курула баштап, ал 1966-жылы ишке киргизилген. Тарых көрсөткөндөй, экономиканын жана маданияттын өсүшү менен сууну пайдалануунун уламдан улам өсүшү закон ченемдүү процесс эмеспи. Найман суу сактагычы Ноокат районундагы Көк-Жар айылынын түндүк тарабына курулуп, ал 40 млн. кубометр суу топтоо менен өрөөндүн суугат жерин 10 миң гектарга жеткирүүгө пландаштырылган болчу. Суу сактагычтын курулушуна Ноокат районунан, Ош обусунан бир топ адистер, жумушчулар жигердүү эмгектерин сарпташкан, алардын арасында жеке-мистелик ажы Сапаров Мураттын чоң эмгегин айтпай кетүүгө болбойт. Найман суу сактагычынын суусунан Төө-Моюн өрөөнүнүн дыйкандары пайдаланышып, дыйканчылык аянттары кеңейип, ирригациялык системасы бир топ жакшырган. Дың жерлерди өздөштүрүү - өрөөндүн климаттык абалына да таасирин тийгизип жатат, өрөөндө бак-дарак көбөйүп, айылдардын инфраструктурасы кыйла жакшырган.

Тарых көрсөткөндөй, кыргыздар жер, суунун аттарын жаратылыштын өзгөчөлүгүнө жана турмуштук мааниси чоң себептерге байланыштырып ат коюшкан. Бул тарыхый ынаным. Аны азыркы урпактар билип жүрсө ашыктык кылбас деген максатта баяндоодомун.

Төө-Моюн өрөөнүндө суу жетишсиз болгондуктан, сууну жылдын төрт мезгилине жеткирүү үчүн чоң чуңкурларды колдо казышып, ага сууну толтурушкан, ошентип сууну сакташкан. Аны «авиз» деп аташкан. Төө-Моюндагы Авиз айылынын аталышы да суу сактоочу ошол авизге байланыштуу коюлган. Жогоруда сөз кылган Мамаке-бийдин чебереси Таш-ажы (Меккеге барып ажылык милдетин аткаргандыктан аны Таш-ажы деп айтышкан) 1890-жылы азыркы Авиз айылындагы клубдун маңдайында турган дүкөндүн түштүк жагына узун-туурасы 25 кадам чоңдуктагы авизди каздыртып, анын күн чыгыш тарабына өзүнө үй, мечит, иниси Айти балбанга (азыркы М.Кадыров орто мектебинин аймагы) ал эми авиздин күн батыш тарабына уулдары Атамкул, Ашир, Абдиллага үй салдырткан. Авиздеги суу ошол жерде жашаган адамдарга өмүр булагы болгон жана ал суудан жолдон өткөн жолоочулар да пайдаланышкан. Мындай авиздер Төө-Моюн өрөөнүндөгү бардык айылдарда болгон жана алар өткөн кылымдын 60-70-жылдарда өз маанисин жоготкон.

Ушул жерде Авиз айылындагы эл оозунда айтылып келген «таш үй» жөнүндө баяндай кетели. Эл оозунда айтылып калган «Мадумар-арак» сөзгө чебер, түлкүдөй айлакер ар дайым бийлик төбөлдөрү менен жакшы мамиле түзүп, керек болсо алардын кызматын аткарган. Мадумардын айлакерлигине элдин баары ынанган: төө-моюндук Байбол атанын элин башкарып турган Таш-ажы Меккеге барып ажылык сапардан кайтканда Таш-Ажыны Кувадагы поезд станциясынан (Өзбекстандагы Кува шаары) күтүп алып, чайханада плов демдетип, сыйлап Кувадан Төө-Моюнга саябан ат арабага буюртма жалдатып, Таш-ажыны Төө-Моюнга сый –урмат менен алып келет, ал Кувадан Төө-Моюнга чабандес жөнөтүп, Таш-ажынын ажылык сапардан келе жатканын кабарлатат. Ал мезгилде Мекеге ажылык сапарга барып келген мусулман баласы өтө сыйлуу адам болгон, себеби

ажылык сапарга чыгуу өз өмүрүн тобокелдике салуу эле «Жол азабы-гөр азабы» дегендей үч айлап, керек жерде жөө же качыр, эшек, ат жалдап, ыйык Меккеге араң жетип, ажылык ибадаттарды аткарып, кайра жол азабын тартып мекенине кайтышкан Таш-ажыга Мадумардын мындай кызматы майдай жагып, көздөн учкан мекенине көтөрүңкү маанайда келет. Ажылык той, учурашуулар аяктаган соң, Мадумар Таш-ажыга кайрылып, Ажы-ава сиз ыйык сапарда жүргөнүңүздө адепсиз иш кылып койдум, мени кечириңиз дейт. «Эмне болду эле, айта бер»-дейт ажы. «Зарылчылыктан улам сиздин баякы туу калган сары бээңизди иштетип койдум эле»-дейт. «Ой мен дагы не болуп кеткен экен десем, мен ыраазымын, кечирдим»-деген экен, ошентип Мадумар–арак Таш ажынын бээсинен кутулуп кеткен экен. Мадумар-арак Акбаштагы наймандарга (азыркы Мархамат районундагы Нефтипром айылы) Кашкардан келгенден кийин бий болуп калган. Карабий (тарыхта ал Кичик-бий деп баяндалат деп, сөз башында айтканбыз) калмакты талкалап Кашкарды ээлеп, ага бий кылыпАсаке бийди дайындаганда Асаке-бий Кашкарга кечигип келгендиктен, Асаке-бийге Кашкарды бийлөө буйрубай калат жана Асаке–бийге азыркы Өзбекстандагы Асаке жерин бийлөө буйруп, Асаке-бий Асаке жерин, элин бийлеп, ошол жер Асаке аталып калган. Асаке бий менен Кашкардан Мадумар-арак кошо кайтып, ага Акбашты бийлөө насип эткен, кийинчерээк Мадумар-арак ошол жердеги бийлик төбөлдөрү, дин кызматкерлери менен келише албай Төө-Моюнга келип калган экен.

Мадумар-арак Ферганада турган орус падышасынын адамы генерал-губернатор Дмитрий Михайлович Скобелев менен «ысык мамиледе» болгон, Д.М. Скобелев 1875-жылдары эле орус падышасынын Орто-Азияны басып алуу саясатын турмушка ашырган аскер адамы эле. Тарыхта белгилүү болгондой XVII кылымдын башында Миңсуу өрөөнүндө негизги төрт кыргыз мамлекети

болгон. Алардын бири Ызыр-Сух өзөнүнүн өрөөнүндө (азыркы Красноярск-Кызыл-Жар шаарынын аймагы) Абакан өзүнүнүн куймасына чейинки жерлерди ээлеген Ысар мамлекети, экинчиси –Ак-Чүс, Кара-Чүс, Чулым дарыяларынын, Теңир –Көлдүн аймагындагы Алтысар мамлекети, үчүнчүсү -Темерчи Ала-Тоо кыркаларынын аймагында (түндүгүндө Ак-Чүс, түштүгүндө- Батыш Саян тоо кыркасы, батышында – Темирчи Ала-Тоосу, Абакан өзөнүнүн башаты, чыгышында – Хуба өзөнүн куймасы) жайгашкан Алтыр мамлекети, төртүнчүсү - Эне Сайдын оң өйүзүндөгү Сыда, Туба, Ойа өзөндөрүнүн өрөөнүн ээлеген Туба мамлекети эле. Бул чакан мамлеккеттерди федерациялык бирикме катары өз ара байланыштырган этнос сибирдик кыргыздар эле». № Кыргыз журтунун төрт мамлекеттеринин бектери кыргыз уруусунан эле.[1]

Кыргыз бектери мезгил-мезгили менен монголдук алтын хандарга, ал эми XVII кылымдын башынан тартып, жунгарларга (кытайларга), орустарга салык төлөөгө аргасыз болушкан. Орустар XVII кылымдын башынан тартып, ысар мамлекетинин жерлерин ээлей баштайт. 1618-ж Кузнецк острогу, 1628-ж Красноярск острогу деген колониячыл саясаттын таяныч пункту болгон ири шаарларга айланган. 1630-ж орус колониячылары Саха (якут) журттарына чейин жетишкен. Россия федерациясынын Президенти В.В. Путин журналистердин суроолоруна жооп берип жатып, Орусиядагы кыргыз мигранттары жөнүндө адилет сөзүн төмөнкүдөй белгилеген: «… да, действительно, Кыргызы возвращаются в свои исторические места». («… ооба, чынында, кыргыздар өздөрүнүн тарыхый мекенине кайтышып жатышат».)

[1] (Т.К.Чоротегин. К.С. Молдокасымов. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы. Б., « Мектеп», 2000, 62- б.)

Ушул тарыхый мисалдай эле полковник Д.М.Скобелев жетектеген орус аскери Ферганада жайланышып, жалпы Фергана өрөөнүнүн башкарып турган жана орус падышасынын баскынчылык саясатын турмушка ийгиликтүү ашырган, кийинчерээк полковник Д.М.Скобеловке генерал деген аскердин чин берилген, кала берсе Маргелан шаарын Скобелев шаары деп атоого далалаттар да болгон.

Кыргыз төбөлдөрү орус төбөлдөрү менен тил табышып мамиле түзүүгө аракеттенишкен, арийне бул орус төбөлдөрүнө элди башкарууда жагымдуу ыңгай түзгөн.

Ошентип Мадумар генерал-губернатор Д.М.Скобелевди Төө-Моюнга конокко чакырып, Ависдеги биз сөз кылган таш үйдүн түндүк жагындагы дөңсөөдө Мадумар-арак менен Д.М.Скобелев тамак бышканча сүйлөшүп олтурушат. Ошондо Д.М.Скобелев Мадумар-арака айтат «бул жерде таш абдан көп экен, менин колумда чехословакиялык, венгерлик аскер туткундары бар, цемент бар таштан үй салдыртып берейин»- дейт. Мадумар-арака бул пикир жагат жана макулдугун берет. Ошентип, азыркы Ависдеги клубдун түндүк жагына, (жанында эле) таштан үй салынып, анда «Дом Мадумара-1912 год»-деген жазуусу болгон. Ал үйдүн жанынан түштүгүнө Караванга, түндүгүнө Өзбекстандын Кува, Мархамат жергелерине жол болгон, ал жол мемиреп жаткан Төө-Моюн өрөөнүнүн түздүктөрүн аралай, касиеттүү Төө-Моюн-Ата ташынын (мекенчил Төө-Моюндуктар Төө-Моюн ташын «Төө-Моюн –Ата»-деп, сыймыктануу менен аташат жана Төө-Моюн ташынын түндүк жагында пайда болгон конушту «Төө-Моюн-Ата»-деп, атап да коюшту) жол Кува тарапка Найман айылын аралай жана Жеке-Мисте айылын аралай Мархаматка эл каттап турган.

Ошол тарыхка ээ таш үйдүн ордуна 1963-жылы совхоз уюшулганда дүкөн, чайхана салынган. Ал эми

азыр ал тарыхый жер менчике сатылып, үй салынып таш үй жаңы салынган үйдүн гана пайдубалына айланып калды. Саясат жетимиш жыл аралыгында эмгекчи эл түптөгөн материалдык байлыктын гана чыт-бытын чыгарып жоготпостон, тарыхка ээ Авиздеги «таш үй» да пайдубалга айланып, кыргыз элинин руханий дүйнөсү да талкаланды. Эл жетимиш жыл ичиндеги аралыкта түптөлгөн коомдук өнүгүү каражаттары болгон материалдык байлык базалары: завод, фабрикалар, ишканалар, короо-сарайлар, техника бир ууч адамдардын менчигине айланып, кыргыз эли эгемендик жылдарынын башында өксүй түштү, бирок эл деген эл экен, бүт баалулуктар акча менен бааланып калса да, кыргыз калкынын кампаларында даны, короолорунан малы кетпеген, өз ырыскыларын өздөрү көтөрө билген, тиричиликтерине тың болгон, тукумдары өсүп өнгөн тукумдар чыгаарын бүгүнкү турмуш көрсөтүп турат, ылайым эле Аллах Таала байыркы кыргыз элиме ыйманын, мээримдүүлүгүн жана мээнетке эмгекке үндөгөн чакырыктары ар дайым жаңырып турсун деп, Жараткандан сурайбыз. Таш-ажы түптөгөн Авиз айылы жөнүндө айтып жатып Караван тарапка бара жаткандыгы Жавлыга жетпей дөңсөөдөгү жалгыз бейит жөнүндө айтып кетүүнү абзел көрдүк.

Кыргызстанда эл кай тарапка бараарын анык биле албай турган мезгилде,айыл чарбасы «могдүрөп» 1916-ж. үркүн, 1917-ж. Октябрь революциясы, ачарчылык оор күндөр башталганда, басмачылар көбөйүп, алар оокаттуу адамды тоноп турушкан. Караван тарапка кеткен жол боюндагы «айланма кара таш» жолдон өткөн жолоочуларды байкоого жана ошол таштын айланасында жашынып, ыңгайы келгенде тоноп кетип турушкан. Мына ошондой жалгыз келе жаткан жолоочуну басмачылар тоношуп, аны өлтүрүп салышат. «жол каракчылары», ал маркумдун жанында болгону–жол азыгы бир даана наны болгон экен Эл «жол

каракчыларына» наалат айтып,ал мусулман маркумду жолдун боюна коюп, жолдон өткөн жолоочулар ушул күнгө чейин дуба кылып өтүшөт.

Төө-Моюн өрөөнүнүн илгерки чек арасынын түштүк жагы ошол маркум коюлган жайдан күн батышка карай кеткен сай коктунун түндүк жагы (ал сай Өзбекстандын Кувасай шаарына чейин созулуп жатат), күн чыгыш тарабындагы сай коктунун түндүк жагы ал сай Жылгын сайдын башына чейин барат) Төө-Моюнга караган, ал эми ошол сайлардын түштүк тараптары төөлөстөргө (Төөлөс айыл аймагы) Караван жагындагы түштүк тарабы оргуларга караган. Төө-Моюн өрөөнүнү батыш тарабы азыркы Өзбекстандын Фергана облусуна караштуу Бехисар жерлерине чейин барган, ал эми түндүк тарабы Кува адырлары, Миң дөбө (Мархамат) ойдуңдарына Акбаш адырларына чейин, ал эми Чыгыш тарабы Араван адырларына чейин болуп, бул аймака Төө-Моюн өрөөнүнүн жердеген кыргыздын найман уруусунун төбөлдөрүнүн башкаруусунда болгон. Ошентсе да, Совет доорунда Уркуя Салиева атындагы Төөлөс аймагындагы колхоз өсүп-өнүгүп, тамекичилик боюнча ийгиликтерди жараткан. Анын башкармалыгынын сөзү өтүмдүү болуп, облус жетекчилеринин макулдугу менен Салиева колхозунун аймагы Төө-Моюн өрөөнүнө чейин кеңейип, Авиз айылынын күн батыш тарабындагы Кош Таш жергесин ээлеп, ал жерде айыл түптөлүп. Кош Таш айылы пайда болду Албетте какырап жаткан Төө-Моюн өрөөнүнө кай жактан болбосун көчүп келген эл өз кажыбас эмгеги менен өрөөндүн өнүгүп өсүшүнө өз салымдарын кошуп келишүүдө. Өрөөндүн жалпы инфраструктурасы өнүгүүдө.

Өрөөндо совет өкүмөтү доорунда гана экономикалык, социалдык жактан өнүккөн жана элдүү пункттар пайда болгон.

Азыркы Акшар айылынын калкы 1940-1941-ж.ж. Папан, Кожокелен аймактарынан көчүрүлүп келинген.

«Акшар» деп аталгандын себеби бул жерде акшар жапайы өсүмдүгү көп өскөн, анын узундугу 50 см болгон жоон тамырын адамдар кетмен менен чаап алып,очокко отун катары пайдаланышкан, айылдын дагы бир аты «Ак шор» анын себеби ак түстөгү шорлуу жерлер да көп эле, бирок бүгүнкү күндө айылдын расмий аты «Акшар» деп аталып калды. 1960-жылдардан кийин завирлер (канал) казып, жердин шору тазаланган.

Жогоруда айтылган 1940-1941-ж.ж. элди Төө-Моюнга көчүрүү жөнүндө баянды улантабыз. Эгерде Акшарга Папандан, Кожокеленден эл келсе, Жеке-мисте айылына Кичи-Алайдан, ал эми Найман айылына Чөгөмдөн эл көчүрүлгөн. Анын себеби төмөнкүчө: 1937-жылы март айында СССР Жогорку советине депуттатыкка талапкер, түндүк уюлду багындырышкан папанинчилердин бири Евгений Константинович Федоров менен Папан, Чөгөм, Кичи-Алай, Кожокелен аймактарынын шайлоочулары жолугушкан мезгилде тоолуктар наказ беришет: « биздин тоолуктар да түзөн жерге отурукташса, маданияттуу жашашса, шаарлар менен байланышса, эгин эгип, бак өстүрүп, дыйканчылык багбанчылык кылышса, коон-дарбыз жер-жемиштерден татса, колхоздошуп иштешсе жакшы болоор эле»-дейт. Котормочу аркылуу муну түшүнгөн Е.К. Федоров депутатттыка шайланган соң, бул наказды СССРдин өкүмөтүнүн алдына коюп, каражат ажыратып, ишке ашырууга киришет. Ошентип, алыскы тоо арасындагы айылдардын тургундары салкын абасынан, тунук суусунан безип, чогуусу менен эңгиреп ээн жаткан Төө-Моюн өрөөнүнө көчүрмө кылынат.

Эч нерседен капарсыз, жыргап калабыз деп көчүрмө болуп келген кайран тоолуктар мээ кайнаткан суусуз ыссык чөлдө көп кыйынчылыктарга дуушар болушат. Кайтып кетүүгө уруксат жок, эптеп күн көрө башташат, айрым үй бүлөөлөр түн катып Оштун жанындагы бош жаткан Гүлбаарга көчүп качышат. Чыдагандар гана

биротоло отурукташып, акыры өрөөндүн ээси болуп, бүгүнкү күндө тукуму өсүп, өрөөндүн бүгүнкү өнүп-өсүшүнө өздөрүнүн салымын кошуп келүүдө.

## ТӨӨ-МОЮН ОРООНУНО КОРК БЕРГЕН ИНСАНДАР

Ошол мезгилде Төө-Моюн өрөөнү Үч-Коргон, Караван, Жаңы-Ноокат райондорунун карамагында болуп келген. Алгач Жеке-Мисте айылында Сталин атындагы колхоз («коллективное хозяство- көпчүлүктүн чарбасы») уюштурулуп, ага жеке мистелик Базарбай Жээналиев төрагалык кылган. Ал башкарган колхоз пахта өстүрүп, планды ашыгы менен аткарып келгендиктен 1956-жылдагы пахтачылардын Москва шаарында болгон Бүткүл союздук кеңешмесине делегат болуп катышкан,ошондой эле Б.Жээналиев Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Ал эми Акшар жергесинде XVII парт конференция атындагы колхоз уюштурулуп, ага кожокелендик Кенжекул Турдуматов төрагалык кылган. Найман айылында Ленин атындагы колхоз аталып, Аравандын Төлөйкөнүнөн барган «отуз миңинчи» Абдурасулов Койчукул башкарма болгон. Керкидан суу сактагычы курулган жерде жашап келишкен.

1958-жылы декабрда Төө-Моюндагы чарбалар Араван районуна кошулган.1959-ж.январда болгон партиянын райондук конференциясына Төө-Моюндан биринчи делегаттар келип катышкан. Ошол эле жылы өрөөндөгү төрт колхоз бириктирилип, ирилешкен бир колхозго айландырылган, «Правда колхозу болуп түзүлгөн Борбордук чарбагы Найман кыштагы болуп, башкарманын алгачкы төрагалыгына аравандык Абдыманан Юлдашев шайланган. Андан кийин колхозду

1963-ж чейин төрт жыл бою аравандык Ибрагим Исаев башкарган.

Кыргызстан Компартиясынын Ош облусунун биринчи секратары А.С. Сүйүнбаевдин демилгеси боюнча Төө-Моюн өрөөнүн мамлекеттин эсебинен совхоз («Советское хозяство – советтик чарба») уюштурулду, өрөөндү өздөштүрүү, келечекте пахтачылык зонага айландыруу үчүн эпкиндүү иш- аракеттер 1963-жылдын мартынан баштап көрүлө баштаган жана «Пахтачы» совхозу түзүлүп, сыналган чарбакер Ноокаттын Жал жергесинин тургуну Мамадияр Кадыров директор болуп дайындалган. Анын атын Авиздеги орто мектепке ыйгарылып, мектептин киреберишинде ага арналган төмөнкүдөй ыр саптары турат:

Азаматты эки нерсе байытат,  
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.  
Адам өлсө сөзү калат артында,  
Жакшы аты унутулбайт калкында.

Аны менен бирге дың жерди өздөштүрүп, жаңы совхоздун келечегине кенен жол ачууга, жаңы айыл-кыштактарды түзүүгө, элдерди отурукташтырып, жумушчу күчтөрдү көбөйтүүгө, мамлекет тарабынан берилген суддаларды туура пайдаланып, турак жайларды курдурууга, тез арада өрөөндүн келбетин өзгөртүүгө, жашылданган көрктүү оазиске айландырууга аттанып келгендер көп эле. Коммунисттик партиянын чакырыгы менен өрөөнгө жүздөгөн эрктүү адамдар келишкен. Аларды кабыл алып, аларды жайгаштырууда, турак-жайлар менен камсыз кылууда директор М. Кадыров чыныгы уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн, мындай адам менен, мындай ата менен балдары сыймыктанууга акылуу. Раматылык М.Кадыровко жакындан жардам берип, жумушчуларды саясий жактан тарбиялап, совхоздун парткомунун секратары болуп Курмушу Бөрүбаев, Салайдин Мырзаев, Айтмамат Алайчиев, Атабек Өмүралиев, Сарыбай Сеитов, Кабашов

Арап деген ак жүрөк адамдар иштешкен. Азыр Авиз айылы миңдеген түтүндөн туруп, аны түптөгөн Таш-ажынын арбагы ыраазы болуп жатса керек…

Өздөштүрүлгөн дың жерге пахта өстүрүүдө жаштык демин, билимин сарптаган Чүй жергесинин кулуну Базарбек Сманкулов сыяктуу адис агрономдор жигердүү иштешкен. Ал 1968-жылы совхоздун директорлугуна көтөрүлгөн жана «Пахтачы» совхозунун экономикасын байыты, совхоз мамлекеттик дотациядан чыккан, тилеке каршы кийинки жетекчилер чабалдыгын көрсөтүп, чарбаны кайра жардантышкан.

Төө-Моюн өрөөнүн өздөштүрүүгө жалындуу жаштарды чакырган баалуу демилгени комсомолдордун арасынан биринчи болуп 22- партсьезд атындагы колхоз-дун Ленин ордендүү механик-айдоочусу Халимахан Шамурзаева көтөрүп чыккан. Ал ата-энеси, үй-бүлөөсү менен дың жерге көчүп барган. Азыркы Сырт айылынын талааларын өздөштүргөн бригадага жетекчилик кылган. Анын чакырыгын колдоого алып, атактуу пактакер,Эки жолку Социалисттик Эмгектин баатыры Алла Анаров Төө-Моюнга келип чогуу иштөөгө үндөп, областын коммунистерине кайрылган. Патриоттук демилгеге үн кошкондор чар тараптан келишкен. Сузактан Ленин ордендүү агроном Дарахан Нышанов (азыркы Дадахан айылы Д.Нышановдун атын алып жүрөт), ноокаттык Аманов Абдулла, аравандык Каримов Инабидин, карындашы Турдукан менен Талипжан Нурягдиев, Төөлөс айыл өкүмөтүнөн Акимов Жапар, Салиев Абдыкалил, аравандык Каримов Калдар жана башка аты аталбай калган ондогон эрки күчтүү адамдар үй-бүлөөсү менен көчүп келишкен. Алар отурукташып, дың жерди өздөштүрүүгө шымаланып киришишкен. Алардын балдары Төө-Моюндук болуп калышты.

Ошондой эле жергиликтүү элдин ичинен чыккан эмгек азаматтары да болушкан. Алар Наралы Калматов, Кенжекулов Абийбилла, Эрматов Назарали, Жайнаков

Кошок, Сапаров Акбар, Зикиров Нажи, Каратаев Карбек, Карабаев Алижан, Сарыбаев Ташполот, Карабаев Садир, Нуралиев Ислам, Сулайманов Хамрабай, Ысманалиев Эргеш, Кулматов Маматисак, Калматов Мусса, Бабаев Апсамат, Тилен Дүйшеев, Кенжебай Мусабаев, Имарали Абдиев, Матраимов Берди, Рахманов Карабай, Нарматов Орунбай, Мансуров Эргеш, Жороев Маккамбай, Сапаров Мурат, Кенжебаев Маматкалил, Кенжебаев Асылбек, Сапаров Анарбай, Калмурзаев Мурат. Акшар айылынан Маманов Осмон, Шералиев Ади, Үкүбай Акабаев, Юлдашев Үсөнбай, Жусупов Арапбай, Балтабаев Абдивали, Исан Жакыпов, Найман айылынан Асанов Кабыл, Эшполотов Макамбай, Меңдибаев Жаныбек, Маллаев Атам, Туйгунов Абдимиталип, Шерматов Ураим, Карабаев Жапар, Сырт айылынан Асранов Имар, жалдык Ормонов Коңурбай. Керкидандан Жолдошева Самар Садиров Алмамат, Биймурзаев Акмамат,Төлөнов Эсенбай жана Давляев, Алахуновдор. Авиз айылынан Ажыбеков Мыйзам, Султанов Аззам, Кабашов Арап, Ташбалтаев Пазыл, Эргешов Жакшыбай, Канигин Александр, Пирматов Нышанбай, Калматов Мамамтисак жана башка аты аталбай калган, бирок өзүнүн ак эмгегин сарптап, өрөөндүн экономикалык, социалдык жактан өнүүгүүсүнө салымын кошкон эмгек азаматтары арбын болгон.

Мал чарбасында Ленин орденинин кавалери Чоткараев Айти жана анын ишин уланткан балдары, Маманов Нышан, Калыкбердиев Абдурахман, Мамасейитов Токторбай жана башка бул жерде аты аталбай калган эмгек азаматтары.

Алардын ордун дың жерде төрөлүп, өсүп чоңойгон, жаштайынан эмгекке аралашып, аталарынан алган эстафетаны улантып жатышкан дың жерчилердин кийинки муундары Төө-Моюндун өнүгүп өсүшүнө өз салымдарын кошуп келүүдө.

«Найман» суу сактагычынын суусу өрөөндүн-жашоо кенчи экендиги талашсыз. «Жабыла көтөргөн жүк жеңил» дегендей, кайраттуу адамдардын тынымсыз эмгегинен Төө-Моюн гүлдөгөн жерге айланды. Анын дыйканчылык жерлери Ата-Мекенге 6000 тонна ак алтынды өндүрдү, калкынын саны 12 миңге жеткен. «Пахтачы» совхозун башкаруу кыйын болуп калган (азыркы мезгилде Элдин саны 17 миңден ашып калды), ошондуктан 1980-жылы андан «Төө-Моюн» совхозу (директору Ботобаев О.), ал эми 1983-жылы анар өстүрүүгө адистешкен «Анар» совхозу түзүлүп аны жогорку билимдүү агроном А.Салиев башкарган. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болуп, анын биринчи Президенти А.Акаевдин жетиксиз саясатынын негизинде совет доорунда элдин кайратман эмгеги менен түптөлгөн материлдык байлык бир ууч адамдардын колуна өтүп, өрөөндүн экономикасы биротоло талкаланып, кайран эл цивилизацияга жеткен XXI кылымда капиталисттик түзүлүштүн жапайы турпатынан мөгдүрөп, ар ким кара курсактын камын жеп,оор күндөргө дуушар болду, бирок бектер кетип, бетегиде эл калат дегендей, элим аракети менен бүгүнкүдөй кудайга шүгүрчүлүк заманда жашап турат.Ошентип өрөөндөгү совхоздор талкаланып, анын материалдык байлыктары шылуундар тарабынан тонолуп, элди башкаруу, анын турмуштук көйгөйлөрүн чечүү Төө-Моюн айылдык кеңешине жүктөлүп, аны Болпонова Ж.К. жетектеп калды

Өрөөндүн өсүп өнүгүшүндө совхоз түзүлгөндөн кийинки мезгилдердеги элдин көчүп келиши чоң роль ойногон. 1960-жылдардын аяк чени жана 1970-жылдардын баш чени мезгилинде Ынтымак, Жаштык, Сырт айылдары пайда болгон, кийинчерээк Кош-Таш , Төө-Моюн-Ата, Ак-Буура, Ак-Тилек конуштары түптөлгөн.

Совет мезгилинде кыргыз калкы маданий зор өнүгүүгө ээ болду. Сабатсыздык толук жоюлду. 1930-

жылдан баштап Кыргызстанда жалпыга милдеттүү, 1970-жылдан тартып жаштарга жалпы орто билим берүүгө өтүү маселелери чечилген. Орто жана жогорку окуу жайлары ачылып, ар кайсы тармак боюнча билимдүү адамдардын саны өстү.

Төө-Моюн өрөөнүндө алгачкы мектептер, Кыргызстандын башка айылдарындай эле, алгач менчик үйлөрдө ачылган. Мисалы, Жеке-Мисте айылында азыркы Айбашов Арзыбек жашап жаткан үйдө 1938-жылы мектеп ачылып, анда окуучулардын саны онго жетип жетпей биринчи мугалимдерден Нурматов Абдуваиты атасак болот. Ал эми азыркы учурда 275 орундуу мектеп учурдун талабына ылайык курулуп, тапшыруу алдында турат. Окуучулардын саны 545 болуп, аларга 33 жогорку билимдүү мугалимдер билим берүүдө, биринчи мугалим Нурматов А кызы Нурматова Жумагүл мектептин директору болуп, мектеп жергиликтүү элдин уулу Эмгек Кызыл Туу орденинин кавалери колхоздун башкармасы болуп, үзүрлүү эмгектенген Жээналиев Базарбайдын наамын алып жүрөт. Бул мектепте окуучуларга татыктуу билим берген Полотов Атамбай, Оторов Сабыр, Абдыразакова Мейликан (Ысык-Көлдүк), Кадыров Бакир (Сузактык), Болпонова Жумагул, Эсенбаева Зулайка, Токторов Таштемир, Макситов Керим, Оторова Шаар жана башкалар болушкан. Ал эми Акшар жергесиндеги XVIII партконференция колхозундагы башталгыч мектебинин мугалими Полотов М. (Чек-Абадтык) үч бөлмөлүү мектепте: ортоңку кичинекей бөлмө мугалимдин каанасы, эки жагындагы эки бөлмөнүн класстарында эки катардан парта коюлуп, бир катарында 1-класстын окуучулары экинчисинде 3-класстын окуучулары, ал эми кийинки бөлмөдөгү биринчи катардагы парталарда 2-класстын окуучулары, экинчисинде 4-класстын окуучулары окуп доска тең экиге бөлүнүп,бир эле мугалим сабак берген, ал «карликовая школа» деп аталган

Төө-Моюн өрөөнүндө алгач орто мектеп Найман айылында 1939-жылы ачылып, ал 180 орундуу болгон, биринчи директору Каримов С. болгон. 2015-жылы учурдун талабына жооп берген 400 орундуу мектеп салынып, анда 508окуучу жана 37 мугалимдер талыкпай эмгектенип жатышат. Мектепти Жолдошова Бузейнеп Турдубаевна жетектейт. Совет мамлекетин негиздеген В.И. Ленининдин ысымы берилген бул мектептин бүтүрүү-чүлөрүнөн, өзгөчө, ушул эле мектепте көп жыл эмгектенишкен Ысык-Көлдүк жубайлар Ибраев Кулуке менен Садыкова Фазылаты эскерүү менен алардын уулу Ибраев Саматбекти атап кетсек болот. Ал учурда Кыргызстанда Саякбай Каралаев атындагы Манас коомунун Президенти болуп, кыргыз элинин «Манас» эпосун даңазалоодо эбегейсиз чоң эмгек жасап, Манас эпосун дүйнө элдерине кеңири жеткирүүгө аракет жасап жатат. В.И.Ленин атындагы орто мектебинде мугалимдер Жээнов Абдулла, Фазылов Базарбай, Эшбаев Амат, Айдаров Миталиб, Жунушалиев Жеңиш, Меңдибаев Аскар, Ибраев Кулуке, Садыкова Фазилат,Илгелдиев Пазыл, Илгелдиева Жанан, Абдуллаев Акбар эмгектенишкен. Мугалимдердин ичинен Жунушалиев Жеңиш-агайды эскерүү абзел. Раматылык Жунушалиев Ж. өмүрүнүн акырына чейин иштеген мектебинен окуучулары менен байланышта болуп турган. Ал тарых илимдеринин доктору болуп, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин алдындагы марксизм ленинзм институн башкарып келген. Ушул мектептин бутуруучусу Мендибаев Асылбек Араван райисполкомун бир топ жыл жетектеген.

Керкидан айылында да алгач башталгыч, сегиз жылдык анан орто мектеп болуп, окуучуларга терең билим, маданият, адеп-ахлахтын эрежелерин муундарга жеткирүүдө чоң роль ойноп жатат. Мугалимдер Анарбаев Аман, Эргешов Токторалы, Абдуллаев Жакшыбай, Абдыкалыков Маккамбай, Жолдошев Ашыралы, үзүрлүү

эмгектенишкен. Ал эми Авиз айылындагы орто мектеп «Пахтачы» совхозун түптөгөн, совхоздун биринчи директору Мамадияр Кадыровдун атын алып жүрөт. Анда Кадыров Карим, Черикчиев Турдалы, Тойгонбаев Талип, Пакыров Кадыралы, Мамажанов Карим, Калматова Бузейнеп, Ураимов Анарбай жана башка мугалимдер иштешкен. Ушул мектептин бүтүрүүчүлөрү Маматжанова Феруза философия илимдеринин кандидаты, ал эми Калматова Гүлзат филология илимдеринин кандидаты. Азыркы учурда мектепти тажырыйбалуу педагог Айдаров Сайбидин жетектейт, мектеп 1966-ж ачылган, азыр 647 окуучу окуп, аларга 47 жогорку билимдүү мугалимдер сабак беришет.

Ак-Шар айылындагы Сыдыков Арып атындагы орто мектеп 1986-жылы 1-сентябрда ачылып, анда 350 окуучу окуйт, 27 мугалимдер сабак беришет. Мектепти педагог Кенжебаева Мукарам жетектейт. Мектептин бүтүрүүчүлөрү: Бакиров Өмүрбек Жогорку Кеңештин V чакырылышынын депутаты, Раимкулов Тейитбек Араван районо башчысы Шералиев Камчы Араван аймактык ооруканасынын Төө-Моюндагы филиалынын башкы врачы, Аскаров Медер Араван райондук поликлиникасынын башкы врачы, Абдиев Мирлан Бишкектеги юридикалык Академиясынын профессору, Жолдошева Жылдыз Ош мамлекеттик университетинин мугалими, Абдуллаев Санжар Төө-Моюн Айыл өкүмөтүн жетектеп келе жатат.

Өрөөндөгү элдүү пунктарда жаңы мектептер ачылган, алар Жеке-Мисте айылында, Найман участкасында, Сырт айылында, Эсенбай айылында, Ынтымак айылында жана Сары-Таш айылында. Бул мектептер өсүп келе жаткан муундарга татыктуу билим, тарбия берип, илимдин, маданияттын, руханий дүйнөнүн калыптаныш очогуна айланды. Ошондой эле жаштарга кесиптик –техникалык билим берүүдө Авиз айылында жайгашкан№65 кесиптик лицей жөнүндө баяндап

кетпесек болбойт. Араван районундагы жападан жалгыз № 65 кесиптик – техникалык окуу жайы Кыргыз ССР Министирлер Советинин 1966-жылдын 19-майындагы токтому менен Төө-Моюн өрөөнүндө Авиз айылында ачылган. Мындагы негизи максат дың жерди өздөштүрүүчү «Пахтачы» совхозун механизатордук кадрлар менен камсыз кылуу болгон.

Каравандагы (азыркы Кызыл-Кыя шаарына карайт) №8 окуу жайынан бөлүп берилген эки группанын базасында түзүлгөн жаңы №65 КТОЖдун биринчи директору болуп Аспан Аптекеев дайындалган. Окуу жайынын алгачкы окуутучулары В.Соболев, И.Сафин, И.Парханов өндүрүштүк окутуунун мастерлери Т.Сатыбалдиев, А.Ботоев, П. Ташбалтаевдер болушкан.

Кесиптик – техникалык окуу жайынын кадыресе калыптанышына методикалык-техникалык базасынын чыңдалышына курсанттардын билим деңгээлинин тереңдешине Ш. Мамыров, Т.Сабиров, Э. Сатимов, М. Иманов, М. Калматов, А. Шакиров сыяктуу директорлор көп эмгек сиңиришкен, ал эми азыр директор болуп, иштеп жаткан Мусаев Абдилла ушул окуу жайдан билим алып, андан кийин билимин жогорулатып, катардагы мастер, мугалим болуп иштеген.

Ал замандын талабына ылайык спонсорлор, чет элдик уюмдар менен байланышты түзүп, окуу жайга инвестиция тартып, окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдап, педагогикалык кадырлардын сапатын жогорулатып талыкпай эмгектенип келүүдө.

Окуу жайы адегенде кеңири профилдеги тракторист-машинистерди, жыгач усталарды, тигүүчүлөрдү, секратарь-машинисткаларды даярдап чыгарган. № 65 окуу жайын бүтүрүп чыккандар Төө-Моюн өрөөнүн өздөштүрүүдө кубаттуу техникаларды башкарышып, дың көтөрүп, жаңы жер ачып,канал казып, үйлөрдү куруп белсемдүү иштешкен. Алар райондун башка чарбаларына да барып эмгектене башташкан. Бул жерден турмуш

путевкасын алган жаштар Алай, Ноокат, Кадамжай, райондоруна ишке чакырылган. Ошондой эле Өзбекстандын коңшулаш Мархамат, Кува, Кува-Сай райондорунан келип окугандар квалификациялуу кесипке ээ болуу менен кайтып барышып, зарыл кадрлар катары күтүп алынган. Алар иштеген жайлардан сапаттуу кадр даярдагандыгы үчүн окуу жайынын наамына алкыш каттары келип турган.

1988-жылы окуу жыйынын жаңы имараты бүткөрүлсө, 1991-жылы 240 орундуу аңы окуу корпусу, актовый, спорт залдары пайдаланууга тапшырылган. Лабораториялык-практикалык сабактар үчүн трактор, автомобиль,айыл чарба машиналары сатып алынган, слесарлык кабинеттер жабдылган. Класстык кабинеттер мезгил талабына жараша жабдылып пульттук башкарууга өткөрүлгөн. Окуу процесси копьютерлештирилип, ЭВМ менен камсыз кылынган.

Базар экономикасынын шартында пайда болгон структуралык өзгөрүүлөрдүн негизинде кесиптик билим берүүнүн жаңы түрлөрү киргизилди: айыл чарба устаты (фермер)-слесарь, өсүмдүк өстүрүүчү, тракторист-машинист, электирден жана газдан ширетүүчү, автомобиль айдоочу; саймачы-тигичү-тигүү жабдыктарынын оператору, бычмачы-тигүүчү жана тигичү, машиналарды оңдоочу.

Квалификациялуу кадырларды даярдап, чыгарууда он үч жогорку билимдүү инженер-педагогдор, тажырыйбалуу, өндүрүштүк окутуунун он сегиз мастерлери эмгектенип келишүүдө. Окуу жайын бүтүрүп, турмуш путевкасын колуна алгандар районубуздун жана облусубуздун түрдүү тармактарында иштеп, материалдык байлыктын кенчин түзүшүүдө. Бүгүнкү күндө бюджеттен 219 окуучу билим алууда, алардын арасында Тажикстандын Тоолу Бадахшанынан 4 окуучу, Чоң-Алай районунан 3 окуучу жана Оштон, Ноокат, Араван, Кадамжайдан келип окуган окуучулар арбын. Өрөөндө



***Дарыгер Атамкулов Абдурахман***

иштеп жатат. Лицейдин бүтүрүүчүсү Орозбаев Мирлан Төө-Моюн айыл Өкүмөтүнүн төраганын орун басары болуп эмгектенет. Жоошбаев Бакыт Москва шаарында ийгиликтүү жеке ишкер. Абдырахманов Нургазы Туркиянын Анкара шаарындагы Полициялык Академиясын аяктап, Америка Кошмо Штатындагы Кент Университетин ийгиликтүү бүтүрүп, Африка континентиндеги Либерия мамлекетинде Бириккен Улуттар Уюмунда кызмат кылган, кийин Ички иштер Министерствосунда, Бишкектеги ички иштер Академиясынын окуутуучусу болуп эмгектенди. Чет өлкөлөргө билим алууга дилгир, жөндөмдүү жаш муундар Төө-Моюн өрөөнүндө көп, алардын катарында Найман айылынын кулуну Шерматов Махаматкаримди айтсак болот, ал Сауд Аравияда Ислам университетинде билим алып жатат. Түрк дүйнөсүнүн мусулмандык доордогу маданиятынын берметтеринин бири Жусуп Баласагунинин төмөнкү ыр саптары эске түшөт:

Билим алсаң урмат сый алып келет,
Билим сага-акыл-ой, кубат, берет!
Билим – деңиз түбү да, чеги да жок,
Канча сузсаң азайбайт, толо берет!

Өрөөндөгү элге кызмат кылып, элдин саламаттыгы үчүн күнү-түнү эмгектенген дарыгер Атамкулов Абдурахман Төө-Моюн өрөөнүнүн өсүшүнө, элдин саламаттыгына чоң эмгек синирген инсан.

Атамкулов Абдурахмандан шыпаа таап, айыгып кеткен адамдар көп болгон. Жеке-Мисте айылынын тургуну, учурда 90 жашка кадам таштап калган аксакал Калмурзаев Асан төмөнкүлөрдү айтат: «Тээ 1960-жылдары Төө-Моюнда күзгү жер айдоо мезгилинде туну мен кокустан жер айдап жаткан трактордун астында калып, бутум сынып калды. Эс-учумду жоготуп, мени дароо фельдшер Атамкулов Абдрахманга алып келишкен экен, анда ал тез укол сайып, бутумду шак-шак коюп, бинт менен танып, тез Каравандагы (ал мезгилде



*Дарыгер Атамкулов Абдурахман балдары, неберелери менен*

жеткиришкен. Ал жерде доктурлар « буту кесиш керек» деген бүтүмгө келишет, бирок Абдурахман-аке «жок бутту кеспей  эле айыктырса болот, ал үчүн мындай дарылоо керек»- деп, көгөрүп врачтардын бүтүмүнө каршы болот. Менин бактыма ошол ооруканага Фрунзеден (азыркы Бишкек шаары) профессор келген. Ал киши Абдурахман- акенин сунушун колдоп, бутум кесилбей мен айыгып кеттим» - дейт Асан аксакал.

Найман айылынын аксакалы, Төө-Моюндун чыгаан уулу, биринчилерден болуп дыйкан чарбаны уюштуруп, ондогон гектар жерлерди ават кылган жана анын жемишин бала-бакырасы менен коруп жаткан Шерматов Ибрагим ажы төмөнкүдөй эскерет: « Абдурахман -аке биздин догдур эле, аны Төө-Моюндуктар ото сыйлашчу, Аллах-Таала оз рахматына алсын. Мен катуу ооруп калдым, Араван, Кызыл-Кыя шаарындагы оорукана-лардын врачтарына кайрылып даарылындым, бирок жакшы боло албай ден –соолугум начарлай берди. Мен Абдурахман- акеге бардым (анда ал киши пенсияга чыгып иштебей калган эле). Ал менин жузумду карап, колумдун кан тамырын кармап гепатит-С оорусу экен, өзүбүздүн тилде сарык оорусунун өтө өтүшүп кеткен абалында экен, сен Ош облустук ооруканага барып даарылан, даарылангандан кийин диета (тамактын врач көрсөткөн түрүн колдонуу) кармагын, диетага өтө этибар бергин деп кайталап айтты. Мен облустук ооруканада даарыланып, Абдурахман- аке айткандай диетаны сактадым, натыйжада Кудайга шүгүр айыгып кеттим. Абдурахман-аке өтө кыйын дарыгер эле, ал оорулуунун жүзүнө карап, кол тамырын кармап, анан ооз көңдөйдөн тилди көрүп, оорунун диагнозун өтө так коюп, жөнөкөй эле дары дармектер менен, диета сактоо менен оорулууну айыктырып койчу. Бул кишиде биз билбеген Жараткан берген өзгөчөлүктөр бар эле, ал киши турмушта жөнөкөй, кичи пейил болгондуктан эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ болгон. Чындыгында, жөнөкөй эле медициналык

пункттун фельдшери өз аймагында таанымал болгон. Араван, Мархамат, Кува, Ноокат жана Кызыл-Кыя шаарынын аптека кызматкерлери анын жазган рецептерин таанып, «а бул Төө-Моюндук Абдурахман врачтын рецепти экен»-деп, таанышчу. Рецепте даарылар өз атында латынча жазылып, даарылардын процент кошулмалары кошо жазылчу, башкача айтканда, медицина илиминин талабындагы рецептер жазылган.

Найман айылын тургуну алтымыш жашка кадам таштап калган Каримов Ибрагим Сабырович: «Мен 2-3 жашымда катуу ооруп калган экенмин, ата-энем алып барбаган, көрсөтпөгөн врачы калбаптыр, ооруканада да даарыланыпмын, бирок абалым начарлап эле арыктай баштап, апамдын колунан түшпөй калган экенмин. Врачтар айткан экен «баланын абалы оор» - ата-энеме үмүтүңөрдү үзө бергиле дегендей. Апам мени Абдурахман абама алып келишкен экен ал киши бир топко чейин колу менен ичимди кармап, көзүмдө колу менен ачып көрүп, анан дары жазып берип, мына күз да болуп калды шабдалы бышты, мен айткан тамактан кийин шабдалыдан бирден жедирип жүр, Аллах өмүрүн берсе, балаң жакшы болуп кетет – дейт. Бул жакшы сөзгө сүйүнгөн апам Абдурахман абамдын айткан дарыларын ичирип, айткан тамагын берип, анан шабдалы берген экен. Мен акырындап айыгып, апам раматылык көзү өткөнчө айтып жүрдү. Атамкулов А. өз ата-тегин терең изилдеп, найман уруусунун санжырасын так далилдүү айтчу найман уруусунун чыгаан адамдары жөнүндө балдарына, неберелерине, жердештерине сыймыктануу менен айтып берчу, көрсө ата-бабалардын ийгиликтери, алгылыктуу иштери адамды шыктандырып алга сүрөйт турбайбы, бул мекенчилдик сезимди калыптандырып, Ата Мекенге болгон позитивдүү ой-пикирди жаратат экен. Ал наймандарды эле мартабалуу кылып, алардын атак даңкын даңазалабастан кыргыздын башка уруусунан чыккан чыгаандар жөнүндө да коп айтчу, албетте катту

кагылышууларда жеңилүү азасын тартып, кыргыздын кыйналган, душмандан жеңилген мезгилдерин да баяндайт эле, ошол эле убакта кыргыз элинин башка элдерге болгон кең пейилдуулугун, кыргыз элинин башка элдин адамдарына болгон толеранттуу мамилелерин көп айтчу. Өзгөчө Улуу Ата Мекендик согуш учурунда улутуна карабай фронтто бири-бирине жардам берген совет жоокерлеринин окуяларын айтып берчү, ал өзү согуш ардагери жана инвалиди болгон. Согуштан кийин деле Төө-Моюнга көчүрмө болуп келген чечен калкынын өкүлдөрүнө гумандуу мамиле жасап, коңшусу Умарпашанын ачка олтурган балдарына өз балдарынын тамак-ашын бөлүшүп жашашкан. Кийин Умарпаша Чеченстандын Хасов-Юрт жергесине көчүп кеткенден кийин да Атамкуловду «досум» деп кат алышып, кат жазышып турушкан.

Атамкулов А. ток пейил, жөнөкөй адам эле. Найман айылынын тургуну Шерматов Адылбек-ажы Меккеге ажылык сапар алдында айылдагы аба-аксакалдардан дуба алып сапарага чыкмак болот. «Мен»- дейт, Адылбек-ажы Абдурахман абамдын дубасын алайын деп, ал Кызыл-Кыя шаарындагы уулу Абдилахат агайдын үйүндө экен. Абдурахман абама келген себебимди айтып, колуна дуба бериңиз деп, кыргыз сомунан бир миң сом бердим. Ал киши ал акчаны колуна алып, дубасын берди, эсен-аман барып, ажылык кабыл болуусун тиледи да, мындай деди: «Балам бул акча сеники эле, мага бердиң, бул акча меники болду, эми бул акчаны сага беремин, сенин сапарың байсалдуу болсун, балам, эсен-аман барып кел»-деди. Мен бул кишинин мага дуба берген аксакалдардан башка экенин, анын дубасы, айткан сөздөрү делебемди козгоп, көпкө чейин ошол сезимдердин таасиринде болуп жүрдүм»- дейт Адылбек ажы.


Сөз башында какыраган Төө-Моюн өрөөнүн өнүктүрүүгө адам баласынын гана эмгеги экенин белгилеп кеттик. Атамкулов Абдрахман элдин саламат-

тыгына чың ден-соолукта жаңы муундун өсүшүнө өзүнүн Аллах Талаа берген тубаса дарыгерлиги менен Төө-Моюндуктардын эсинде эскирбей турат. Ал өтө жөнөкөй эл катары жупуну турмушта жашап, сүйлөгөндө ойлонуп туруп, өзүнүн адилет сөзүн тартынбай айтчу. Жеке-Мисте айылынын аксакалы Караев Маматазим мындай дейт: «1964-жылдардын күз мезгилинде көчөдө газ -21 кара түстөгү Волга жеңил автомашинасы жана анын жанында Абдурахман – аке дагы үч бейтааныш адамдар сүйлөшүп турган экен. Ал адамдар догдур – акеге биздин оорулуу адамыбызды ушул машина менен барып көрүп бериңиз – дешти. Анда Абдурахман – аке кайсы жери ооруйт, жашы канчада деп сурады, ошентип бир топко чейин сүйлөшүп калышты, бейтааныш адамдар бул киши көнбөй жатат деп ойлоду окшойт деп, мындай дешти: «Табып-аке айткан акчаңызды берели, кааласаңыз боюңуз менен барабар каптагы акчаны беребиз – деп, өктөм сүйлөп калышты. Анда Абдурахман – аке: «Ай, өзбек туугандар, оорулуу адамынарды ушул жерге алып келгиле» - ошондо көрүп беремин-деп, кесе сүйлөдү. Барганга көнбөшүнө көзү жеткен меймандар « болуптур оорулуу адамды алып келебиз, көрүп бересиз»-деп, машинесине олтуруп кетишти, ошондо машиненин номурунда «ФЕ» белгини көрүп, булар Ферганадан келиптир-деп, калдым–дейт Маматазим ава.

Бул окуя кийинчерээк өзбек жазуучусу Тахир Маликтин «Шайтанат» деген Өзбекстандагы криминалдык чөйрөнүн турмушун чагылдырылган трилогиясында жазылып калган. Анда Арaвандык табып Абдурахман аке Салимбайдын жакын адамы Кесек палванды даарылап айыктандыргандыгы, медициналык дары-дармектерден тышкары жыландын шорпосунан берилип, ал киши айыгып кеткендиги жана Атамкулов Абдурахмандын Жеке-Мисте айылында жашаган үйү, аны курчап турган чоң коргону, дарчасы («дарча» мурун коргондуу үйлөрдө адам ичкериге кирүү үчүн курулган эшик) көркөм тилде

жана Абдурахман-табып деп, сүрөттөлгөн. Т. Малихтин «Шайтанат» трилогиясын окуган адамдар «Абдурахман – аке Салимбай байбабачанын жакын адамы Кесек палванды даарылаганыңыз чынбы?»- деп, сурашканда. Мен алардын аттарын билбеймин, бирок келишкендиги чын, алар кимдер экенин да билбеймин, бизге оорулунун улуту, аты коомдук орду же кылмышкерби, ханбы баары бир, бирок көп акча беребиз деп кекелеткенинен чын эле аябай ачууланганмын – деп, жооп берген.

Чынында, Атамкулов Абдурахман мурун XVIII партконференция атындагы колхоздо ачылган медициналык фельдшердик пункту башкарып, кийинчерээк Жеке-Мисте айылындагы медпунктта фельдшер болуп пенсияга чыкканча иштеген. XVIII партконференция атындагы колхоздо медпункуттун өрөөн боюнча ачылышы жөн жайынан эмес, себеби ушул жерге Кожокелен жергесинен эл көчүрмө болуп, салкын абалуу тоодо жашаган эл Төө-Моюндун ысыгына, шартына көнө албай ар кандай ооруларга чалдыгып, эл ичинде оорулуу адам көбөйүп, бир тобу кайтыш болуп, турмуш бир топ эле оор болгон. XVIII партконференция колхозунун башкармасы болуп иштеген Турдумаматов Кенжекул көзүнүн тиригинде маркум Атамкулов Абдурахман жөнүндө мындай деп айтып калчу «Кудайдын буйругу менен ал экөөбүздүн үй-бүлөөбүз коңшу болуп, балдарыбыз достошуп, бир туугандай эле болуп калганбыз, ал өтө кыйын тубаса дарыгер эле, оорулуу адамдардын тамырын кармап туруп эле ооруну аныктап, жөнөкөй таблеткалар, укол саюуу менен айыктырып койчу, ошондуктан ал элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, өтө сыйлуу адам болгон. Төө-Моюн боюнча бир эле медпункт, бир эле догдур болгондуктан колхоздун аты менен биздин айылдан 20 км алыста турган Керкидан, Найман, Авиз жана Жеке-Мисте айылдырынын элин тейлөөчү» - деп айтчу эле.




***Улуу Ата Мекендик согушта Атамкулов А. душмандын огу жүрөк тарапты челип өткөн изи документтеринде калган.***



Пролетарии всех стран, соединяйтесь!

СССР
Народный Комиссариат
Обороны

ХАРЬКОВСКОЕ
ВОЕННО-МЕДИЦИНСКОЕ
УЧИЛИЩЕ

3. октября 1943 года
№ 4268.

**СВИДЕТЕЛЬСТВО**

Настоящее свидетельство выдано гражданину Атамкулову Абдурохману, родившемуся 17 сентября 1921 года, в том, что он с июня 1942 г. по 1 октября 1943 г.

учился в Харьковском Военно-Медицинском Училище, где прошел все установленные учебным планом предметы, выполнил положенные практические занятия и при отличной дисциплине получил следующие оценки теоретических знаний и практических навыков:

1. Строевая подготовка — отлично
2. Физическая подготовка — отлично
3. Стрелковая и огнев. подготовка — отлично
4. Военно-инженерное дело — зачтено
Военная топография — хорошо
Военная администрация — зачтено
Уставы Красной Армии — хорошо
Анатомия — отлично
Нормальная физиология — отлично



10. Патологич хорошо
11. Фармакология с фарм... хорошо
12. Кожно-венерические болезни хорошо
13. Болезни уха, горла, носа отлично
14. Глазные болезни отлично

Гр. Атамкулов А.

в сентябре 1943 года сдал выпускные испытания по следующим предметам с оценкой:

1. Политподготовка хорошо
2. Тактика пехоты, организац. и тактика военсанслужбы отлично
3. Санитарно-химическая защита хорошо
4. Внутренние болезни отлично
5. Инфекционные болезни отлично
6. Военная гигиена хорошо

...7. Военная эпид... с дезинфекц. хорошо

...8. Хирургия с ... отлично

На основании вышеизложенного гражданин Атамкулов А. признан окончившим Харьковское Военно-Медицинское Училище по фельдшерскому отделению и ему присваиваются все права ФЕЛЬДШЕРА на общих основаниях с окончившими фельдшерские школы Народного Комиссариата Здравоохранения СССР.

Начальник Училища
Полковник Медицинской Службы
(Шеверецкий)

Пом. Нач. Училища по учебно-строевой части
Полковник Медицинской Службы
(Авидон)

гр. Ашхабад.

Чынында, Атамкулов Абдурахманды Төө-Моюндук табып, деп Ноокат районун, коңшулаш Өзбекстандын Мархамат, Кува райондорунун жашоочулары даарыланып кетүүчү, ал кишиде кыргыздын мүнөзүнө тиешелүү кең пейилдик, толеранттуулук сапаттары бар эле, Медицинанын «атасы Гипократтын» антына толук жооп берген дарыгер болчу.

Атамкулов Абдурахман 1919-ж. Кызыл-Кыя шаарына караштуу Ирадан (Тешик-Арык) айылында молдо Атамкулдун үй-бүлөөсүндө жарык дүйнөгө келген, ал Төө-Моюндагы Авиз айылын түптөгөн белгилүү инсан Таш-ажынын небереси болуп кетет. Абдурахман Уч-Коргондогу балдар мектебинде окуп, Оштогу педагогикалык окуу жайын 1940-ж. «эң жакшы» деген баалар менен окуп аяктап, багыттама менен Алай районундагы Үч-Дөбө айылына (аны «Юркин» деп аташчу) мугалимдик кызматка жөнөтүлөт. 1942-жылы Улуу Ата-Мекендик согуштун фронтуна чакырылып, бул билимдүү

экен деп, Атамкулов А Харьков шаарындагы аскердик медициналык окуу жайына жиберилет. Согушка байланыштуу ал окуу жайы Түркменстандын Ашхабад шаарына эвакуацияланып (көчүрүлүп), окуу жайды «эң жакшы», «жакшы» деген баалар менен аяктап, фронтко жөнөтүлөт. Фронтто аскердик медициналык взводдун командири болуп, «аскердик медициналык кызматтын кенже лейтенанты» деген аскердик чинде мед.взводу башкарып, кызмат өтөйт. Кудайдын буйругу менен сол көкүрөк чөнтөгүндөгү документтерин (диплом ж.б. документтерин) душмандын огу тешип өтүп, жүрөктү ок челип өтүп кетет. Чита шаарындагы аскердик госпиталда 6 ай дарыланып чыгат, бирок-аскердик медициналык комиссия «аскердик кызматына жараксыз» деген бүтүм чыгарып, граждандык бөлүкө чегерип, өз туулуп өскөн Кыргызстанына жиберет жана согуштун I группасындагы инвалиди деген аныктамасы берилет. Согуштагы эркиндиктери үчүн Кызыл Жылдыз ордени жана ондогон медалдар менен сыйланган. Ал Ноокат районундагы Бел-Өрүк колхозунда медпункуттун башчысы 1950-жылдары Төө-Моюн өрөөнүндөгү медпункт башчысы болуп, пенсияга чыкканча эмгектенген. Ал эми 1966-ж. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Медицина тармагында эмгектенген белгилүү врачтар Атамкуловго ыйгарылган Эмгек Кызыл Туу ордени медицина тармагында эмгектенген врачтардын арасында сейрек кездешүүчү сыйлык-деп, айтышат. Себеби Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки убакта өлкөдө экономиканы чыңдоо саясаты, согуш мезгилинде кыйраган завод-фабрикаларды, айыл чарбасын калыбына келтирүү саясатын коммунистик партия биринчи орунга койгон жана ал саясат 1980-жылдарга «өкүм сүрүп» келген, эмгек кызматтары даңкталып, сыйланып, а коомдогу башка тармактарга, анын ичинде, медицина тармагындагылар ченде эле баалуу сыйлыкка татыктуу болушкан.

Атамкулов саламаттыкты сактоо тармагында эмгеги өкмөт тарабынан бааланбай калышы мүмкүн да эмес эле, ал адамдын жогорку сыйлыка татыктуу болушу табыйгый нерсе –деп, көп врачтар эскеришет. Чынында Араван районунда медицина тармагында биринчилерден пенсиялык эмгек стажы жеткен алгачкы пенсионерлерден болуп, А.Атамкулов, 1943-жылдан 1949-жылга чейин Араван райондук оорукананы башкарган. Баева Татьяна Васильевна, кийинки башкы врач Штархман Георгий Петровичтер болгон.

Азыркы өзгөргөн өрөөн Төө-Моюнда анын Ак-Шар айылында Араван аймактык ооруканасынын Төө-Моюн филиалы ачылып, аны Шералиев Камчыбек жетектейт, 15 койкасы, Араван үй-бүлөө медициналык борборунун №6 поликлиникасы болуп,анда үч врач, ооруканада 2 врач 10 медайымдар эмгектенип келүүдө. Өрөөндүн бардык элдик пунктарында медпунктар ачылып, элдин саламатчылыгына Атамкулов Абдурахмандын жолун жолдогон ак халатчандар эмгектенип келишүүдө.

Дарыгер Атамкулов Абдурахманды туугандары «биздин профессор» деп сыймыктанышат, себеби ал киши тойлорго барса, «ай Абдрахман табып тойго келиптир, мен баламды көрсөтүп алайын эле деп калышчу». «Эмне үчүн сиз билимиңизди улантып, мединиститутта окубайсыз, сиз белгилүү врач болмоксуз» - деп кайрылган жакын санаалаштарына, «ай мен ушул замандаштарым Кенжекул, согуш ардагарлери теӊ туштары Мусабаев Темирбай, Матраимов Берди, Нарматов Карим, Мамадиев Мала, Осмоналиев Рахманалы таштап окууга кетмек белем-деп, алар менен дидарлашып, Шержанов Мыйзам аксакалдын кыргыздын тарых санжырасын айтышып, акыбетүү турмушта жашашкан экен.

Атамкулов Абдурахман жашаган айылындагы бир көчөгө эл өзү чогулушта демилге көтөрүп, келечек муун билип жүрсүн деп, бир көчөнүн атын Атамкулов Абдурахман көчөсү-деп, атап алышты, ошондой эле

айылда 2016-ж. ачылган 275-орундуу жаңы мектептин биология кабинетине (биология илими медицинага жакын деген таризде) мугалимдер демилге көтөрүп, атап алышты. Ал эми журналист акын Жапар уулу Абдумалик «Атамдын насааты» (Ош 2004-ж) деген китебинде төмөнкүдөй ыр саптарын арнаган.

Биз жашаган Төө-Моюндун сырлары бар,
Боор толгоп, айта турган асылы бар,
Абдырахман догдурду кимдер билбейт,
Эл журтуна белгилүү кадыры бар.

Абдрахман абанын аты кеткен,
Ажал менен арбашып, аны жеңген.
Оорунун диагнозун туура коюп,
Даарылайт дары-дармек, укол менен.

Илбериңки иштерманы билинген,
Иштеп жүрүп, эл оозуна илинген
Ооруларга туура диагноз коюшту,
Ошол догдур аксакалдан билишкен.

Кары-жаш бардыгы кадырлашат,
«Колу жеңил догдур» деп оозго алышат.
Сурап көрсөн өткөндөргө кызыгып,
Санжыралап айтканы таң калтырат.

Өзгөчө санжыралап айтат кепти,
Өткөндү жакшы көрөт эстегенди.
Жашоонун рахаты ак эмгек-деп,
Жактырасыз тер төгүп иштегенди.

Бизге жагат докдур деген наамыныз,
Билип баалаш, жалпыбыздын парзыбыз.

Ак эмгекти дилге алып сиз менен ,
Сыймыктанат жакшы көргөн калкыңыз.

Куттуу болсун, сексен жети жашыңыз,
Кубанычка толсун ар бир күнүңүз.
Уул-кыздардын сыйын көрүп төрүндө,
Убай көрүп, узак өмүр сүрүңүз!

Өрөөндөгү ушундай ондогон адамдарын атап кетсек болот. Алардын өмүр жолу, эмгек жолу дүйнө кабыл алуусу жалпы эле руханий дүйнөсү өсүп келе жаткан жаш муундарга үлгү болоор деген ойдо даанышман инсан, адамда чаңда кездешүүчү касиетке ээ, дарыгер Атамкулов Абдурахмандан жөнүндө баяндадык.

**Жыйынтыктап айтканда:** Төө-Моюн өрөөнүнүн кылымдар бою жаткан дын жерлерин өздөштүрүүдө аравандыктар көп күч, каражат жумшашкан. Райондун дээрлик бардык колхоздору катышкан. 22-партсьезд атындагы колхоз (төрагасы М. Маматурдиев) «Пахтачы» совхозунун №5 бөлүмүнө караштуу таштак, дың жерлерди өздөштүргөн. Жданов атындагы колхоз (төрагасы Т. Кочубаев), Кува тараптагы Төө-Моюндун адырларын тегиздеп, суу чыгарып, пахта, жүгөрү, бактарды өстүргөн. «Коммунизм» (төрагасы А.Г.Хоменко), «Янги-Юль» (төрагасы А.Мурадов), Ленин атындагы (төрайымы З. Разахунова) колхоздоруда Төө-Моюндан 200-250 гектардан дың жерлерди өздөштүрүшүп, айдоолорго айландырышкан, талаа стандарын тургузушкан.

Ал эми Сузак районунун Жийде совхозунан азыркы Дадахан айылына «дың жерчи» болуп келген Нышанов Дадахан мурунтан Найман, Жеке-Мисте айылдарынын адамдары жашашкан, мурун эле өздөштүрүлгөн кара топурактуу жерге келип, «дың жерчи» аталып, Төө-Моюн өрөөнүн өздөштөрөшкөн эр азаматтардын сабында аталып жүрөт. Бул албетте, коррупционер айрым партиялык жетекчилердин иши. Албетте, ал мезгилде эч ким бетке айта алган эмес. Нышанов Д. түзүлгөн шартта

катардагы эле бригадирлер, анын ишин аткармак. Жада калса көбүрөөк пахта өндүрмөк. Ошентсе да, партия менен өкмөттүн камкордугунун астында, эбегейсиз көп күч–аракеттер сарпталып, Төө-Моюн өрөөнү көрктүү өзгөрүлгөн өрөөнгө айландырылган. Бул жерде аты аталбай калган эмгек азаматтарынын салымын айта кетүү абзел. Алар өз кажыбас эмгектери менен өрөөндүн өсүшүнө зор салымдарын кошушкан.

Мурда адамдар аз жашаган Жеке-Мисте, Ак-Шар (туура аталышы Ак-Шор), Найман, Керкидан, Авиз кыштактары миңдеген кишилик калкы болгон көрктүү айылдарга айланган. Алардын жандоочулары болуп, 1960-жылдардан кийин өрөөндө Достук, Сары-Таш, Сырт, Ынтымак, Дадахан, Эсенбай айылдары «өсүп» чыкты. Ак-Шар, Сырт, Эсенбай, Авиз, Ынтымак, Достук айылдарына мамлекет тарабынан үйлөр курулуп, элдер Аравандан, Ноокат жана Кызыл-Кыя шаарынан көчүп келишкен. «Пахтачы» совхозунан бөлүнүп чыккан « Төө-Моюн» совхозун уюштуруп, андан ары өнүктүрүүдө О.Ботобаев директор болуп, ал совхозго Ноокаттын тоолуу айылдарынан, Кара-Суу районунун Папан, Кожекелен жергелеринен адамдар көчүп келишкен. Ал эми «Анар» совхозу Найман айылында уюшулуп, аны А.Салиев жетектеген жана ал совхозго Төөлөс, Жал жергелеринен, Өзбекистандын  Кува районунан адамдар көчүп келишкен.

Төө–Моюн өрөөнү азыркы мезгилде өзгөргөн өрөөн, эли – жаңырган эл. Өрөөн жана анын кыскача тарыхын чагылдырган бул алгачкы эмгек. Өсүп келе жаткан муун өз тарыхын билип жүрсө, анын мекенчилдиги толугураак болобу деген таризде бул кыска чыгарма жазылды.

# СӨЗ АЯГЫ

«Тарыхы болбой эл болбойт» демекчи ар бир улуттун, уруунун тарыхы, тагдыры, таржымалы болот. Китеп окуучуну өз улутунун тарыхын, үрп-адат, каада-салтын, салттуу музыкасын, адабиятын, маданиятын, тилин, улутка таандык дүйнө тааным, ой жүгүртүүлөрүн жана элдин жакшы жагын тааныту менен өзүн ким экендигин тааныттууга жол ачат, өз элине жана өз мекенине жан тартуу менен тымызын улуттук сезимди ыйык тутуп жашайт. Улутту сүйүү менен адам коомду сүйүп, мекенди сүйүп элди сүйүп жашайт. Кыргыз элинин «мекени болбой эл болбойт»- деген накыл сөзү таамай айтылган. Чыгармада кыргыз элинин найман уруусунун тарых-таржымалы баяндалып, китеп окуучу да мекенчил сезимин калыптандыруу, аны ой-толгого салып ойготуу болгон. Албетте китеп окуучу да ушул чыгарманы окуп чыккандан кийин ар кандай түшүнбөстүктөр, пикир келишбестиктер, алымча-кошумчалары болушу мүмкүн. Ошондуктан сиздердин кеп-кеңештериңиздерди, сын-пикириңиздерди, ой-каалоолоруңуздарды күтөөрүмдү билдирип кетемин.

Байланышууга 0778 82 30 59 мобилдик телефонуна чылсаныздар болот.

***Сиздерди терең урматтоо менен-автор.***

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Абдрахманов Абдимамат 1950-жылы Ноокат районунун Бел-Өрүк айылында кызматчынын үй-бүлөөсүндө төрөлгөн. Орто мектепти аяктаган соң Ростов-на-Дону шаарындагы Ростов мамлекеттик университетинин филология факультетин 1974-жылы аяктаган.

Эмгек жолун Араван районундагы В.И.Ленин атындагы орто мектептен мугалим болуп баштаган, бирок бир жылга жетпей Араван РК ЛКСМ экинчи каттчылыгына шайланат, андан ары эмгек жолун партиянын Араван райкомунда инструктор, андан кийин ошол эле райондо партиялык жолдонмо менен райондук ички иштер органында кызмат өтөйт.

Ал 1990-жылы Караганда шаарындагы милициянын жогорку мектебин эң жакшы баалар менен аяктап, РИИБ начальнигинин орун басары кызматынан пенсияга чыккан, милициянын отставкадагы майору.

Абдрахманов А. райондук, областык газеталарга тарыхый проблемаларды чагылдырган макалаларды жазып турган, өзгөчө «Төө-Моюн өрөөнү жөнүндө баян» аттуу көлөмдуу макаласы коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынды.

Ал үй-бүлөлүү, төрт перзенттин атасы жана он эки неберенин кадырлуу чоң атасы.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркиских племен и народностей и сведения об их численности.ЖС, СПб, 1896 Выпуск III-IV
2. Абдикулов М.Ы. Мадимаров м.а. Молло Шарап КарВаний Б., 2008.
3. Анвар Айтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-китеп, Б.,1992.
4. Валиханов Ч.Ч. Избранные произведения Алма-Ата, 1958.
5. Закиров С. Кыргыз санжырасы Б, 1996
6. Нурбек Туран. Тейит. Санжыра жана тарых Б., «Турар».
7. Ошская область: Энциклопедия Ф.: Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии, 1987
8. Сапаев М. Найман тарыхы. Зыяда сыр. Б., «Турар», 2016.
9. Төрөкан уулу Эсенгул. Кыргыздын кыскача санжырасы. Б., «Учкун», 1995.
10. Чоротегин Т.К. Молдокасымов К.С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы. Б., Мектеп, 2000.
11. Чоротегин Т.К. Омуралиев Т. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы . Б., «Педагогика», 2000.

Эскертелер үчүн

## Мазмуну

Сөз башы……………………………………………… 4

Төө-Моюн өрөөнүндөгү ичкилик кыргыздар… 5

Өзгөргөн өрөөн……………………………………… 26

Мамаке бий…………………………………………… 32

Төө-Моюн өрөөнүнө көрк берген инсандар…… 42

Сөз аягы…………………………………………….. 67

Автор жөнүндө…………………………………….. 69

**Абдрахманов Абдимамат**

# ӨЗГӨРГӨН ӨРӨӨН – ТӨӨ МОЮН;

Тех. Редактор: Тойчубаев А.А.
Дизайнер: Ыкыбал у Э.

Басууга: 10.08.2017-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60Х84 1/16 Көлөмү 4,5 басма табак
Нускасы: 150
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.

Тел.: моб +996 779 77 77 89, 0778 50 04 88